К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети

Кыргыз адабияты жана манастаануу кафедрасы

Абдубалиева Б.Ж.

# Көркөм чыгармаларды интерактивдүү окутуу

Каракол-2016

УДК 82/821.0
ББК 83
А 13

Басууга К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин Окуу-методикалык кеъеши (29.10.2015-ж. №2 токтому) тарабынан сунуш кылынган.

Редактор: филология илимдеринин кандидаты,
доцент Т.Байтикова;

Рецензенттер: педагогика илимдеринин кандидаты,
доцент Ч.Курманалиева;
филология илимдеринин кандидаты
К.Асаналиева

Абдубалиева Б.Ж.

А13 Көркөм чыгармаларды интерактивүү окутуу. К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети.- Каракол, 2016. - 68 б.

ISBN 978-9967-454-86-6

Методикалык колдонмодо көркөм чыгармаларды интерактивдүү окутуу маселеси каралган. Эмгек филолог адистерге, студенттерге арналат.

А 4603010000-16 УДК 82/821.0
ISNB 978-9967-454-86-6 ББК 83

©Абдубалиева Б.Ж., 2016-ж.
@ К.Тыныстанов атын. ЫМУ, 2016-ж.

# КИРИШҮҮ

Өлкөбүздө билим берүү жаатында мезгил талабына ылайык окуу процессинде инновациялоо маселелери алгылыктуу жолго коюлган. Демократиянын шарданы билим берүү тармагына да чоң таасирин тийгизди. Мектептерде, жогорку окуу жайларында интерактивдүү методдор пайда болду.

Ар бир жаңы иштин өз түйшүгү, түшүнбөстүгү болбой койбойт. Анын сыңарындай интерактивдик методдордун дагы билим берүү системасына сиңип кетиши оңойго турган жок. Салттуу окутуу процесси менен жаңы технологиялардан болуп эсептелген интерактивдүү методду айкалыштырып, билим берүүнүн сапатын жогорулатууну республикабыздын алдыңкы мугалимдери ишке ашырып жатат.

Интерактивдүү методдор өнүккөн өлкөлөрдө көп жылдардан бери окутулуп, өзүнүн үзүрлүү жемишин берип келет. Кезинде интерактивдик методдордун пайдасы канча, аны окутуунун зарылдыгы барбы, балдарды бузуп албайбызбы, батышты тууроо керекпи деген өңдүү көптөгөн суроолор туулбай койгон жок.

Албетте, булардын дагы билим берүүдө оң, терс жактары болду. Терсинен оңу басымдуулук кылганы үчүн бул метод сабак өтүүдө, окуу куралдарын чыгарууда өзүнүн алгылыктуу жактарын айгинеледи. Интерактивдүү методдор боюнча адабияттар өтө жетишсиз, аз санда болгондуктан, бул методдор жөнүндө түшүнүгү жок, маалыматы жетишсиз мугалимдерибиз али да кездешет.

Инитерактивдүү термини латын тилинен которгондо интер (inter) – аралыгы, ортосу, актив (activis) – аракеттүүлүк, жигердүүлүк дегенди түшүндүрөт.

Интерактивдик методдор – мугалим менен окуучунун гана эмес окуучу менен окуучунун, окуучу менен окуучулардын ортосундагы жагымдуу, бирин-бири түшүнүү, сыйлоо, акылдашуу аркылуу жигердүү аракеттенишүүсү. Аталган усулдар салттуу окутуу менен айкалышып, окуу процессинде сабактагы билим берүү, өнүктүрүү, тарбиялык сыяктуу максат, милдеттерди биргелешкен аракетте иш жүзүнө ашырат.

Интерактивдүү сабактар салттуу сабактардан мүнөздүү өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Ар бир иште уюштуруу маселеси чоң роль ойногон сыяктуу эле сабакты уюштура билүү дагы олуттуу мааниге ээ.

Уюшутуруунун жагдайлары:

- окуучу балдардын класста отурушун ыңгайлаштыруу;
- окуучулардын санын билим деңгээлдерине жараша топторго бөлүштүрүү;
- суроолор өтүлүүчү теманын алкагында эркин, проблемалуу болушу шарт.

Уюштурулган иштер тартип болбосо, өз максатына жетпейт. Ошондуктан сабактагы негизги эреже тартиптер мугалим үчүн да, окуучу үчүн да жагымдуу маанайда түзүлгөнү абзел:

- ар бир окуучунун ой-пикири баалуу;
- айтылган пикирлердин кандайлыгына карабастан, акырына чейин угуу;
- сунушталган сөздөр, пикирлер теманын алкагында болушу зарыл;
- айтылган сунуштарда каталыктар, мүчүлүштөр болсо, аларды талкуулоо аркылуу тактыкка жетишүү;
- сын пикирлер окуучунун керт башына айтылбайт, сын идеяларга, көз караштарга айтылат.

Мугалим адамдык сапааттардын үлгүсү болууга тийиш. Окуучуга түшүнүү, сыйлоо, достук, көтөрүмдүүлүк, сабырдуулук, боорукердик менен мамиле кылсак, окуучудан дагы ошондой кайрым болот.

Интерактивдүү сабактарды өткөрүү негизинен төмөнкүдөй жүрүшү мүнөздүү:

- сабак жагымдуу маанайда уюштурулуп, окуучулардын ой-сезимин, акыл-эсин, чыгармачылыгын ойготкудай болушу керек;
- бири-бирине эриш-аркак болуп, көмөк көрсөтүшүп, кемчиликтерин толукташып, сабактын активдүүлүгүн арттырышат;
- мугалимдин терең билими, жөнөкөйлүгү ар бир сабакта негизги ролду ойнойт;
- мугалим багыт берип, суроолордун чечилишине шарт түзөт. Окуучуларды ашыкча кагып-силкпей, өзүнө тартып, эң жогорку адамдык мамилелердин үлгүсүн көрсөтүүгө тийиш;
- ар бир сабакта билим берүү, өркүндөтүү өз максаттарына жетип, мугалим да, окуучу да өз ишинен ырахат алуусу шарт.

Окутуунун салттуу методдору деле мугалимдин чыгармачылыгына жараша эң жогорку деңгээлдерде өтүп келгендигин танбайбыз. Канчалаган терең билимдүү, жогорку адамкерчиликтүү агай-эжейлерибиздин сабактары интерактивдүү методдорсуз деле өз максаттарына жетип келген. Албетте, интерактивдүү методдорду өздөштүрүүдө, салтка айланган сабактарыбыз менен жуурулуштуруп, теориялык-дидактикалык негиздерин кабылдоо менен бири-бирине байланыштуу жетишкендиктерге алып келет. Салттуу методдорубузду ашкере көтөрмөлөп, интерактивдүү методдорду обу жок жериген пикирлер суу кечпейт. Интерактивдүү методдор кечээки административдик методдордон өзгөчөлөнүп, окуучуну, анын иш-аракетин, окуучулар менен мамилесин авторитардык таңуулоо, буйрук берүү, кургак насааттардан обочо турат.

Интерактивдүү окутууда мугалим жаңы термин менен айтканда – фасилитатордук (насаатчылык, багыт берүүчүлүк) милдетти аткарат. Мугалим окуучунун жөндөм-шыгынын ойгонушуна түрткү берип, ишеним

артканда гана окуучуда кызыгуу пайда болот. Баланы ашыкча кагып-силкүүдөн алыс болуп, пикирин сыйлап, кеъешип иш кылуусу керек. Ар бир адам баласы ар башка болгондуктан, алардын жөндөмү, көз карашы да ар түрдүү. «Жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет» дегендей мугалимдин калыс сөзү, туура мамилеси окуучунун келечегине чоъ таасирин тийгизет. Мугалим менен окуучу биргелешип чыгармачылык менен эмгектенгенде, иш оъ натыйжасын берет. Салтка айланган башкаруучунун ролунан четтеп, педагогикалык колдоо көрсөтүп, кандай гана жагдай болбосун жардамчы, кеъешчи болгон мугалим билим берүүдө өз максатына жетет.

Интерактивдүү методдорду пайдаланып, адабият сабагын өтүүдө төмөнкүдөй жагдайлар эске алынат:

- мугалимдин сабак өтүүгө даярдыгы, чыгармачылык менен изденүүсү;
- өтүлгөн материалдар боюнча тапшырмаларды даярдоо;
- түзүлгөн тапшырмалардын окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша, программага ылайык берилиши;
- окуучуларды топторго бөлүштүрүп, аткара турган иштердин максатын, жол-жобосун түшүндүрүү;
- топтун мүчөлөрүнүн бири-бири менен акылдашуусу, биргелешип иштеп, коюлган проблемаларды чечүүсү;
- окуучулардын иштерин байкоо, берилген мөөнөттү туура пайдалануусун эскертүү;

Тапшырманын мүнөзүнө, салмагына жараша берилген убакыт соңуна чыккандан кийин, ар бир топ жыйынтыктарын айтат. Окуучулардын билим деңгээли, тажрыйбасы али жетишсиз болгондуктан, жооптор ар түрдүү айтылышы мүмкүн. Туура эмес айтылган жоопторго мугалим туура багыт берет.

Интерактивдүү методдор кыргыз адабияты сабагына, көркөм өнөргө болгон окуучулардын кызыгуусун арттырып, сөз өнөрүнүн улуулугун түшүнүшүнө, бири-бирине болгон сый-урмат мамиленин калыптанышына өбөлгө түзөт. Мугалимдин кадыр-баркы анын берген билимине, адамдык асыл сапаттарына байланыштуу болуп, окуучулардын инсандык өз алдынча калыптануусуна шарт түзөт.

## БҮГҮНКҮ КҮНДҮН АДАБИЯТ САБАГЫ

Адабият кайсы гана эл болбосун адам баласын гумандуулукка тарбиялоонун эң негизги куралы болуп саналат. Адабиятсыз, дегеле искусствосуз жашоону элестетүү мүмкүн эмес.

Адабият - бардык калган өнөрдөн өзгөчөлөнүп жамандыкты алыстатып, жакшылыкка үндөгөн өзүнчө бир кең дүйнө. Байыркы гректердин, римдиктердин мифтеринен баштап, теңдешсиз «Манас» эпосу, элдик дастан, макал-лакап, санат-насияттар түбөлүктүү жашап келе жатканы тегин эмес чыгар.

«Баланы башынан», деп элибиз кеменгерлик менен айткандай, балага руханий гүлазыктын үрөнүн мектеп босогосун аттаган күндөн баштап сепкенибиз эң олуттуу маселе экендигин ата-эне да, мугалим да, коомчулук да түшүнүп калды. Ааламдашуу ажыдаардай оп тартып келе жатканда, эзелтеден ата-бабабыз муундан-муунга сактап келген асыл нарк, ата салтын сактоо жана урпактарга өткөрүп берүүдө кыргыз адабияты сабагына ишеним артылат.

Бала мектепте окуп жүргөндө ар өнөргө, илимге, техникага кызыгуусу башталаары баарыбызга маалым. Окуучунун адабиятка кызыгуусун ойготуу же алыстатып ойрон кылуу аны окуткан мугалимге байланыштуу.

Илимдин залкар корифейлеринин бири, 22 жашында философия илимдеринин доктору деген илимий даражага ээ болгон К. Маркс адабият менен жаны бирге болуп, жалгыз жүргөндө Гетедей улуу акындын ырларын айта берчү экен.

Улуу Ленин адабият классиктеринен Толстой менен Чеховдун, Пушкин менен Крыловдун, Гоголь менен Щедриндин, Чернышевский менен Тургеневдин чыгармаларына бийик баасын берип, Толстойду улуулардын улуусу, залкарлардын залкары деп атаган. Өмүрүнүн акыркы мүнөттөрүндө сүйүктүү жазуучусу Джек Лондондун чыгармасын окуп берүүнү Надежда Константиновнадан өтүнүп, чыгарманы угуп отуруп, жарыкчылык менен кош айтышкан экен. Демек, адабият - адамдын жүрөк түпкүрүндөгү музасын ойготуп, көңүл кушун көккө учуруп, акыл-сезимди аруулукка шыктандырган түгөнгүс кенч.

«Театр – кийим илгичтен, мектеп – мугалимден, жогорку окуу жайы – кабыл алуучудан башталат» деген кеп бар эмеспи. Баланын келечеги алган билимине, жөндөм- шыгына жараша туура алган багытына, эң негизгиси ушунун баары окутуп тарбиялаган устатына байланыштуу болот. Ушундан улам: «Адам периште менен жырткычтын ортосунда жашайт. Жырткыч болору же периште болору тарбияга байланыштуу», - деп айткан Томас Манндын акылман кеби эске түшөт. Али кабыргасы ката элек жаш баланы оң жолго салып, турмушуна туура багыт берүү үчүн мугалимдин опол тоодой эмгеги жумшалат. Бүгүнкү биз билим тарбия берип жаткан балдар XXI кылымдын эң билимдүү, адамкерчиликтүү, мыкты адамдары болуш үчүн биз, устаттар дагы шакирттерибизге ар тараптан үлгү болушубуз абзел.

Эртеңки келечек ээсин тарбиялап адам кылууда мугалимге эбегейсиз чоң түйшүк жүктөлгөн. Мугалим ушундай ыйык ишке жан-дили менен гана берилип киришсе, өз вазийпасын аткарган болот. Гете: «Бала окуткандарды окутуучу дейбиз, бирок алардын баары эле устат деген улуу наамды алууга акысы жок», - деп ачуу чындыкты айткан.

Адабият сабагы кыргыз улутун улут катары сактап калууда кыргыздын кыргыз экендигин айгинелеп туруучу олуттуу мааниси бар. Мына ушундай улуу милдетти аркалаган бүгүнкү күндүн кыргыз адабияты сабагы кандай болушу керек деген суроо туулат. Бүгүнкү күндүн кыргыз адабияты сабагы

мазмундук жактан жаңыланып, турмуш шартка жараша улуттук жана эл аралык талаптарга жооп бере алгыдай болушу зарыл. Окутууну инновациялоо, окутуунун технологиясын жаңылоо, окуучулардын кызыкчылыктарын камсыз кылуу күндүн темасы болуп саналат.

Кыргыз адабиятын инновациялап окутуунун өзүнө тийиштүү өзгөчөлүгү бар:

- адабият сабагында окуучу көркөм адабият менен искусствонун байланышын түшүнүп, алган билимдерин маалымат менен гана чектеп койбостон, ар кандай кырдаалда туура жыйынтык чыгара билет;
- алган билимин сынчыл кабыл алып, салыштырып, өз бүтүмүн чыгарып, талдап, сабаттуу жаза билип, көркөм ойлоого жетишет;
- ар бир сабакта окуучу ата-бабаларыбыздан бери карай келе жаткан салт-санаабызды танбай, улууларды урматтап, кичүүлөрдү ызааттап, көп угуп, көп иштөөгө көнүгүшөт.
- ар бир баланын мүмкүнчүлүктөрүн эске алып, жөндөм шыгына жараша багыт берилет;
- турмушта жакшы-жаманды ажырата алгыдай билим, тарбия алууга жетишүүсү кажет;
- кыргыз адабияты предметинде элдин адабий, маданий көркөм мурастарын кеңири өздөштүрүп, дүйнөлүк адабият менен таанышып, баалуулуктарды таанып-билип үйрөнөт;
- ётүлгөн ар бир сабакты ошол чыгарманын идеясын, касиетин, сөз баалоо чеберчилигин, сөз маанисин түшүнүп, жан дүйнөсүн байытат;
- мугалим да, окуучу да биргеликте чыгармачылык менен эркин иш аракет жүргүзгөндө адабиятка болгон кызыгуусу артат. Окуучулар өздөрү дагы калем кармап, чыгарма жаратууга дилгирленишет. Бүгүнкү күндүн адабият сабагын жогорку деңгээлде өтүш үчүн мугалимдерибиздин билим деңгээли негизги нерсе экендигин тана албайбыз.

Бүгүнкү күндүн адабият сабагында мугалим сабак процессин алып барууда сынчыл ойлом методикасынын чакыруу баскычы, ойлоп түшүнүү жана артка кайтуу деген үч баскычты бири-бири менен айкалыштырып өтүүсү жакшы натыйжа берери практика жүзүндө көрүнүп калды. Аталган үч баскычтардын ар биринин өзүнчө максаттары бар. Ошол үч баскыч жуурулушуп, бир бүтүндүктү түзгөндө гана окуучу талапка ылайык билим алып, кыргыз адабияты сабагы өз максатына жетет.

**Чакыруу баскычында** акыл-эс чабуулун колдонуп, окуучулар өтүлүүчү жаңы маалыматтын мазмунуна карата ой жүгүртүшүп, кызыгуусу пайда болот. Мугалим темага ылайык окуучуларга эки же үч суроо менен кайрылып, балдарды ойлонууга, билгендерин жанындагы жолдошу менен баарлашууга багыт берет. Окуучу өтүлүп жаткан темага байланыштуу билгендеринин баарын эсине түшүрөт. Бул баскычта мугалим «жол көрсөткүч» кызматында болуп, окуучуларды ойлонууга чакырат. Аларды

кунт коюп угуп, өзү аягында гана жыйынтык чыгарат.

Окуучу же студент өтүлүүчү темага карата билгендерин анализдеп, өзүнүн канчалык даражада билээрин аныктайт. Качан гана акыл-эстүүлүк менен негиздүү, максаттуу жана сынчыл ойлогондо, окуу процессине активдүү катышат. Билгендерин оозеки жана жазуу түрүндө билдире алганда, билиминин деңгээлине жыйынтык чыгарат. Мугалим окуучулардын кызыгуусун ойготуп, максаттуу иштешин жандандыра алса, окуучулар активдүү иш жүргүзө алышат.

**Ойлоп түшүнүү баскычы**. Бул баскычта окуучу жаңы материал менен таанышат. Таанышуу текстти окуу түрүндө, видеофильм көрүү түрүндө, маалыматты угуу же тажрыйба жүргүзүү түрүндө болушу мүмкүн. Өтүлүүчү теманын алкагында мугалим чыгармачылык менен изденип сабак өтүүсү эң негизги орунда турат. Бул фазада үйрөнүүчү өз алдынча жигердүү иш аракет жүргүзүүсү зарыл.

**Артка кайтуу баскычы.** Окуучулар жаңы билимдерин бышыктап, алган маалыматтары боюнча жыйынтык чыгарышат. Ушул учурда окуучу жаңы билимдерди өздүк кылып менчиктей алат. Окууда кунт коюп угуу гана негизги орунда турарын окуучулар ушул баскычта түшүнүшөт. Алган жаңы билимдерин окуучу өз сөзү менен түшүндүрүүгө далалат кылып көрүшү керек. Кабыл алуу, түшүнүү жөндөмү ар кимде ар кандай болгондуктан, мугалим окуучуга мүмкүндүк бериши зарыл. Окуучулар бири-бири менен, жалпы класс менен өз ой-пикирлерин бөлүшүүгө жетишип, жандуу баарлашуу жүрөт.

## ПЛАНДАШТЫРУУ

Мугалим сабакты пландаштырууда мурунку иш тажрыйбасына, адабияттарга таянып, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алып, максат милдеттерин тандап алат. Японияда билим берүү тармагында кесиптик өнүгүүнүн төмөнкүдөй модели бар: бир багытта сабак берген мугалимдер (математиктер, адабиятчылар, химиктер ж.б) биргеликте теманы тандашып, окутуунун максатын аныкташып, сабактын планын иштеп чыгышат. Планды мугалимдер тажрыйбаларынын негизинде оъдоп, өзгөртүлөрдү киргизип, даярдаган соъ мугалимдердин бирөө такталган план боюнча сабак өтөт. Топтун калган мүчөлөрү сабакка катышып, байкоо жүргүзүп отурушат. Акырында сабактын планын баалашып, ийгилигин кемчилигин анализдешет. Жыйынтыгында башкалардын ой- пикирлерин угуп, тажрыйбалары менен бөлүшүп, башка мугалимдерге иштерин жайылтышат.

Окуучулардын же студенттердин сынчыл ойломун өстүрүүгө убакыт, мүмкүнчүлүк берип, жандуу болушуна өбөлгө түзүп, жеке керт башын кемсинтүүдөн, басмырлоодон алыс болуп, ишенимин арттыруу зарыл.

Аудиториярдагы социалдык шарты ар кандай, мүнөздөрү ар түрдүү жоош, тентек, кабыл алуусу жай, тез ойлонгон, шамдагай, кыймыл аракети жай, көп сүйлөгөн окуучулар менен мугалим алдына койгон максаттарына жетүүсү эъ татаал. «Сүйлөй сүйлөй чечен болот, көрө-көрө көсөм болот» дегендей изденген мугалимде акырындык менен ийгиликтер жаралып, тажрыйба топтолот.

Сабактын таасирдүүлүгүн, ийгилигин арттыруу үчүн мулгалим окуучулардын кызыгуусун эске алып, пландаштырышы керек. Сабакка чейин мугалим кандай максат, милдеттерди ишке ашыраарын, окуучуларын эмнени билиши керек экендигин, маалыматтарды кайсы булактардан аларын, тесттерде тапшырмаларды тандоону пландаштырат. Сабакта окутуунун кайсы формасын, кандай методдорду колдоноорун, окуучулардын эмгегин баалоодо кандай критерийлерге таянарын аныктайт.

Сабактын планын жазууда максат ачык, так көрсөтүлүп, логикалуулук сакталып, практика менен байланышып, предметтер менен интеграцияланышы эске алынат. Окуучуларды активдештирүү, топтордо иштөөнү уюштуруу, окуучулардын жөндөмдөрүн эске алуу, суроолорду берүү мугалимдин тажрыйбасына, билимине байланыштуу ишке ашат. Сабакта мугалим окутуунун усулдарын колдонуу менен, маалыматтарды берип, кайтарым байланышты түзүп, окуучулардын өз алдынча, топто иштөөсүн уюштуруп, ресурстарды колдонуп, убактты туура пайдаланып, окуучулардын иштерин баалайт. Окуучулардын иштерин баалоодо төмөнкү критерийлерди эске алабыз:

- жаъы маалыматты түшүнө алышына;
- коюлган тапшырманы так аткарышына;
- топтордо иштөө аракетине;
- суроолорду беришине.

Сабактан кийин мугалим сабак учурундагы иш аракеттерине анализ жүргүзүп, өзүнө өзү сын көз караш менен карап, кемчиликтерин оъдойт. Окутуунун кайсы усулдарын, иштердин формаларын, баалоонун ыкмаларын колдонуусу канчалык даражада ийгиликтүү болоорун түшүнөт. Сабактын натыйжалуулугун дагы жакшыртуу үчүн кандай толуктоо, өзгөртүүлөрдү киргизерин пландаштырат.

Бүгүнкү күндүн адабият сабагы коомдун азыркы талаптарына толук жооп бере алгыдай болуп, сабакка чейин да, сабак учурунда да, сабактан кийин да билим берүүдө интеллектуалдык көрөңгөнү, таалим-тарбияны, этиканы жуурулуштурууну, изденүүнү талап кылат.

## ЭКИ БӨЛҮКТҮҮ КҮНДӨЛҮК

Эки бөлүктүү күндөлүк ыкмасы адабият сабагында кыйла натыйжалуу ыкмалардан. Окуучулар бул ыкма менен иштөөдө көркөм чыгарманы тереъ

түшүнүүгө, тексттин негизги идеясын аныктоого, жеке тажрыйбасын текст менен байланыштырып салыштырууга мүмкүнчүлүк алат.

Өткөрүү тартиби төмөнкүдөй ишке ашат:

Актай баракты эки бөлүккө бөлүп, биринчи бөлүккө цитата тандалып, экинчи бөлүккө комментарий беришет. Окуучулар текстти окуп чыккандан кийин тексттеги толгондуруп, түйшөлткөн, кызыктырган бушайман кылган же каршы чыккан ойлорду цитата деген бөлүккө жазып, эмне себептен ошол цитатаны тандап алгандыгы, же бир окуяны эске салгандыгы чечмеленип, комментарий деген бөлүгүнө жазышат. Ал төмөндөгүдөй үлгүдө түзүлөт:

| Цитата | комментарий |
|---|---|
| | |

Сабактын чакыруу баскычындагы мугалимдин Чыңгыз Айтматов жөнүндөгү киришүү сөзү:

Дүйнөнү калем менен багынткан улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов ар бир кыргыз баласынын сыймыгы. Улуу жазуучунун чыгармалары баа жеткис руханий байлык, жан дүйнөбүзгө гүлазык. Көркөмдүүлүктөрү аркылуу кыргыз элин, кыргыз жерин дүйнөгө тааныткан Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын бардыгына башка өнөр ээлери кайрылып, исскуствонун эъ мыкты үлгүлөрүн жаратты. Кино тасмалар, музыкалык чыгармалар, кыл калем чеберлеринин сүрөттөрү, спектаклдер ж.б. Анын калемине таандык адабий мурастар ааламдагы элдердин 70тен ашык тилине которулуп, 60 миллиондон ашык нуска менен басылып, ай ааламды кезип кеткен. Мындай сыймык, мындай даража көзүнүн тирүүсүндө бир дагы жазуучунун, өнөр ээсинин шыбагасына буюрган эмес. Көркөм сөз чеберинин бардык чыгармаларында «Канткенде адам уулу адам болоорлугу» кылдат сүрөттөлүп, өлбөс-өчпөс көркөм мураска айланды.

Ушундай залкар адамдын ысымын аздектеп, туу тутуп эскерип туруу керек. «Эскерилип турбаса, генийлер да унутулуп калат», - деп Чыңгыз Айтматовдун өзүнүн бир айтканы бар экен. Улуу орус эли татыктуу уулун урматтап А.П.Чеховдун ысымын көптөгөн мекеме, шаар, музей, окуу жай, көчө, театр, станция, китепкана ж.б жайларга ыйгарышкан. Алсак А.П.Чеховдун атында:

1. 1954-жылы атлаган Чехов шаары, 2004-жылы айыл;
2. Москвадагы «Дом музей»;
3. Таганроктогу «Лавка Чехова»;
4. Сума шаарындагы «Музей Чехова»;
5. Ялтадагы «Белая дача» үй музейи;
6. Москвадагы темир жол станциясы;
7. Крымда Гурзуф шаарындагы дача музейи;

8. Москвада 1290 проспекти аянт, көчөлөр;
9. Ваденвайлер шаарында 1908-жылы тургузулган эстелик;
10. Астероит;
11. Чехов атындагы театралдык фестиваль;
12. Таганроктогу № 2 гимназия;
13. Таганроктогу пед институт;
14. 1952-жылы уюшулган Нью-Йорктогу басмакана;
15. 170 билим берүү борбору;
16. 1978-жылы теплоход;
17. 150 жылдыгына карата Россия банкы тыйын чыгарган;
18. 15тен ашык үй музейи;
19. 5 китепкана, 10 театр;
20. 25тен ашык ар жерде эстеликтери;
21. Чыгармаларындагы 15 каармандын эстеликтери.

Биз кыргыз эли атагы таш жарган жазуучубуздун ысымын кай жерлерге ыйгардык? Айтматов атындагы сыйлыктар барбы? Мектеп, шаар, китепкана, окуу жайлар, көчөлөр Айтматовдун ысымында коюлганбы? Эстеликтер тургузулганбы? Фестивалдар өткөрүлөбү? Жогорудагы суроолордун негизинде окуучулар алдынча билгендерин тизмелеп жазышып, андан соъ жубу менен талкуулашып, жалпы класска айрым иштер окутулат (убакыт өлчөнүп берилет). Чакыруу баскычындагы аткарылган бул иштер жаъы өтүлө турган темага даярдык болуп саналат.

Түшүнүү баскычында окуучуларга «Айтматовдун аты кандай коюлган?» деген текст таратылып берилет. Текстти окуп чыккандан кийин окуучулар тексттен цитата тандашып, комментерийлерин жазышат. Бир эле цитатаны окуучулар ар кандай түшүнүп, ар башка өъүттө комментарийлеши мүмкүн. Бул ыкма окуучулардын бири-биринин ой-пикирлерин баалап, уга билүү көндүмдөрүн калыптандырат.

**Айтматовдун аты кандай коюлган?**

Улууу жазуучу Чыңгыз Айтматов «Манас» дүйнөсүнө сапар тартып кеткенден бери мага жазуучунун окурмандары басма сөздө, теле-радио, жолугушууларда улам кайрылып, дүйнөлүк маанидеги сүрөткердин жаркын элесин түбөлүк калтыруу маселесин козгоп келе жатышат….

Бир кезекте Чыңгыз агай: «Эскерилип турбаса, генийлер да унутулуп калат» деген эле. Чын эле ошондойбу?!

Чыңгыз Айтматовдун ысымы качантан бери коюлуп келе жатат? Кантип коюлган? Бул суроолорго да жооп бере кетели.

Эң алгач жолу 1987-жылы «Айтматов клубун» түзүү жөнүндө ой болуп, жобосун иштеп чыгып, «Китеп сүйүүчүлөр коомунун» алдында түздүм. Мындай кылганыбыздын себеби совет мезгилинде идеология жол

бербей койгон. Айрым жаалашкан пенделер да болгон. Шаардык партиялык уюмдун үчүнчү секретарына чейин бул маселе көтөрүлүп, өз алдынча кылбай кандайдыр бир коомдук уюмдун алдында түзүү сунушу менен чектелип калганбыз. «Китеп сүйүүчүлөр коомунун» ардактуу төрагасы Сүйүнбай Эралиев, төрагасы Аскер Карыбаев дароо эле макулдугун беришкен. Ошентип, клубдун иши башталып, жазуучунун 60 жылдыгын белгилеп жатканда, Полиграфкомбинаттын директору Тургунбай Суванбердиев «Айтматов клубунун» күбөлүгүн, бланкасын, ал эми «Кыял» бирикмесинин генералдык директору Макашов болсо төш белгисин чыгарып беришкен. Чернышевский атындагы китепкананын үчүнчү кабатынан чоъ зал бөлүнүп, окурмандар тарабынан кызуу колдоого алынганбыз. Мамлекетибиз өз алдынчалыкка ээ болгондон тарта биз да «Китеп сүйүүчүлөр коомунан» бөлүнүп, юстиция министирлигинен каттоодон өтүп, күбөлүк алып, «Эл аралык Айтматов клубуна» айланганбыз. «Эл аралык Айтматов клубунун лауреаттык» сыйлыгын белгилегенбиз. Азыркы мезгилде клубдун республикабызда, чет жерлерде мүчөлөрүбүз жигердүү иш алып бара жатышат. Мүчөлөрүбүздүн көбү атак-даъктуу, мамлекеттик жана коомдук ишмерлер болушту.

1999-жылы декабрь айында «Айтматов китептеринин китепканасын» негиздедик. Максатыбыз жазуучунун чет жерде чыккан китептерин чогултуу жана окурмандарга тааныштыруу эле. Бул саам идеямды шаардын мэри Жумабек Ибраимов дароо колдоду. Кечке маал мэрдин иш бөлмөсүнө барсам кабыл алды. Менин ойлорумду угуп, жазып барган кагазыма кол коюп берип, ал жерде иштеген Мира Жангарачеваны чакырып, «Айтматов китептеринин китепканасынын» ачылышына катышасыз» - деди. Чынында маселе мындай тез чечилет деп ойлогон эмесмин, айлап-жылдап созулуп, жыйынтыгы кандай болоору да белгисиз эле. Себеби, шаардык №1 китепкананын аты улуу орус жазуучусу Л.Толстойдун ысымынан болчу, а биз болсо Ч.Айтматовго ыроолоп жатпайбызбы?! Бул китепкана Бөкөнбаев-Тыныстанов көчөлөрүнүн кесилишинде жайгашкан, таза, кенен, жарык имарат. «Ачылыш аземин качан өткөрөсүъөр» деп мэр сураганда гана өзүмө келдим окшойт, дароо эки күндөн кийин деп жибердим. Ошентип, 3-декабрда «Айтматов китептеринин китепканасы» деп бадырайта жазып, жазуучунун катышуусу менен китепкананын ачылыш аземин жасаганбыз.

Менден окурмандар ар дайым суранышат эле: «Айтматовдун атынын берилишине өзү кандайча карайт, тирүү турса кантип койсо болот»-деп. Биринчиден бул Айтматов үчүн керек эмес, биз үчүн, кийинки муун, маданий, адабий, илимий чөйрө, жалпы эле коомчулук үчүн керек, эч бир зыяны жок. Экинчиден, Айтматовго алдын ала айтсак, сөзсүз оюбузду токтотуп коймок. Айтматовдун атын кандайдыр бир коюу үчүн жоопкерчиликтүү болушу керек, анын ысымын пайдаланып кызыкчылык көздөбөш керек, тескерисинче, коомдук кызыкчылык биринчи орунда турушу керек. «Айтматов клубу» түзүлгөндө да «Айтматов китептеринин

китепканасын» уюштурганда да Чыңгыз агайга кеъешкен да, айткан да эмесмин. Албетте, булар тууралуу кийин сөз болоорун билгем, бирок ага чейин ак ниет менен иштөө аркылуу идеябызды далилдегим келген. Ошондо китепкананын аземине келгенде биздин жалпы максатыбызды угуп ыраазы болгон. Анын үстүнө биз Айтматов аркылуу жалпы дүйнөлүк искусствону, маданиятты, адабиятты жана илимди жайылталы деген асыл ойлорубуз турган. Чыъгыз Айтматовдун китепканасындагы сөзүн клубдун вице-президенти Дилдебек Андашев жазып алып, коомчулукка басма сөз аркылуу жеткирген.

«Эл аралык Айтматов клубунун» саны артып, ар түрдүү адистер, ар башка улуттагылар жана жаштагылар мүчө боло башташты. Иштер көбөйүп, аларды уюштуруу кыйынчылыкты жаратты. Ошондо жөнөкөй мүчөлөр менен илимде жүргөн мүчөлөрдүн ортосун айырмалай турган уюм түзүү идеясы пайда болуп, «Коомдук Айтматов академиясын» 1994-жылы түздүм. Академиянын Уставы дагы юстиция министирлигинен каттоодон өтүп, өзүнүн мөөрү, бланкы бар. Клуб, академия уюштурулгандан кийин Турцияда, Казакстанда, Кытайда көчмө жыйындар болду. Ал гана эмес Нобель сыйлыгын ыйгаруу комитетинен кат алып турганга жетиштик. Япон философу Дайсаку Икеда, түркиялык атактуу актриса Түркан Шорай, немец котормочусу Фридрих Хитцер, америкалык адабиятчы Жозеф Мазур ж.б. Клуб жана Академия тууралуу жакшы ойлорун билдиришип, мүчө болушту. Профессорлор, докторлор Коомдук Айтматов академиясынын негизин түзүшөт.

Чыъгыз Айтматовдун 70 жылдык маарекеси утурлап калганда уюштуруу комитети сунуштарды карап калды. Шаардык №11 кыргыз-орус мектебинин мугалимдери менен жолуктум. Алар «Мектепке Чыъгыз Айтматовдун ысымын ыйгаруу болот бекен» -деген суроо коюшту. Мен уюштуруу комитетинин мүчөсү болгондуктан, маселени өкмөттүк деъгээлде коюп көрүүнү туура көрдүм. Ойлогом Айтматовго эми эч ким деле каршы болбос деп. Бирок, каршылар көп экен. Ысмын коюуга гана эмес, чыгармаларынын кыргыз тилиндеги беш томдук жыйнагынын чыкканына каршы болгондор бар болуп чыкты. Ошондо эки жүздүү пенделерди көрдүм, кечээ эле Айтматов келсе, көлөкөсүндөй ээрчип алган пенделер тескери сүйлөп туруп алышты. Айтматовдун ысымын коюу тирүү болгондуктан, болбойт имиш. Болуптур дейли, анда канчалаган белгисиз тирүү адамдардын ысымдары мектептерге, көчөлөргө, мекемелерге ыйгарылып жатат. Айтматов үчүн дегеле кереги жок да! Талашып-тартышып жатып №11 мектепке ысымын берүү сунушу өтүп, өкмөттүк токтом чыкты. Ал эми чыгармалар жыйнагынын беш томдугу да катуу талаш туудуруп, Амангелди Муралиев премьер-министр болуп келгенден кийин 70 жылдык маарекеге бир ай калганда чекит коюлуп, демөөрчүлөрдүн жардамы менен чыккан. Өкмөт бир тыйын бөлүп берген эмес. Айтматов десе эле бардыгы шайма-шай орундала бербесин,

тескерисинче, ачык да, жабык да көрө албастар көп экендигин ошондо дааналап байкадым. Ал пенделер болсо мени абдан жектеп турушкан. Казат Акматов, Надырбек Алымбеков, Курбаналы Сапарбаев мени колдошкон эле.

«Себат» билим берүү мекемесинин башчысы Орхан Инанды Айтматовдун ысымын Кыргыз-түрк эркек балдар лицейине берүү жөнүндө оюн билдирип, кол кабыш кылуумду суранды. Мен ага дароо айттым, «өтө кыйын болот» деп. Биринчи жолу Чыңгыз агай менен макулдашып коюуну туура көрдүм. Орхан Инандын бөлмөсүнөн Бельгияга телефон чалдым. Чыңгыз агай менен Орхан Инанды сүйлөштү. Биздин оюбузду болсо «Өзүңөр байкап көргүлө» деп койду. Анан биз лицейге атын берүүгө жетиштик.

Айтматовдун тирүүсүндө ысымын ыйгарууга каршы болгон пенделер, ал дүйнөдөн кайткандан кийин да «жамгырдан кийин жайнап чыккан козу карындай» чыга келишти. Биринчи сунушум жаңы эле бириккен Тил жана адабият институтуна академик Чыңгыз Айтматовдун ысымын ыйгаруу болчу. Ар кандай формада чогулуштар болду. Айтматовдун тирүү кезинде көшөкөрлөнүп, кошоматтанып жүргөн бир пенде дароо жамааттын көзүнчө каршы чыгып, «Айтматовго институт тарлык кылат» деген шылтоо кылды. Мен болсо Казакстанда М.Ауэзов, Өзбекистанда А.Навои, Түркменстанда Махтумкули, Азербайжанда Насими, Россияда Пушкин атындагы институттары бар экендигин далилдедим. Академиянын президенти Ш.Жоробековага, вице-президент В.Плоскихке кире берип, Президиум колдоп, Айтматов кайткандан кийин бир ай ичинде академик Ч.Т.Айтматовдун ысмын институтка койдурдум. Чыңгыз агайдын арбагы колдоп, институттун иши жакшы. Төрт жылдын ичинде алтымыштай фундаменталдуу эмгектер даярдалып, жарык көрдү. Коомчулук жакшы кабыл алды.

Президентке, өкмөткө Чыңгыз Айтматовдун жаркын элесин түбөлүк калтыруу үчүн жыйырмадай сунуш киргиздим. Анын ичинен Айтматов паркы гана аткарылды. Айтматовдун ысымын ыйгарууга болбойт экен, өлгөндөн кийин беш жыл өтүшү керек деп отурат айрымдар. Бул, албетте, туура эмес. Айтматов ал жолдон бийик турат.

Дагы жакшы Президентибиз А.Ш.Атамбаевдин демилгеси менен бир эстелик туруп калды, азыр ошого каниет кылып турабыз [2, 128].

Сабактын ойлонуу баскычында окуучулардын алган билимдерин бышыктоо, ой жүгүртүүсүн, ар ишти салмактап, жыйынтыктап билүүсүн аныктоо үчүн мугалим тарабынан проблемалык суроолор берилет. Мисалы:

1. «Эскерилип турбаса, генийлер да унутулуп калат»- бул чындыкпы?
2. Мектепте «Айтматов классын» уюштурууга мүмкүнбү?
3. Айтматов жумалыгын өткөрүү зарылбы? Эмне үчүн?
4. Айтматовдун ысымын А.П.Чеховдун ысымын ыйгаргандай ыйгарууга болот беле? Силер кандай ойдосуңар?

Жогорудагы суроолорго окуучулар ар тараптуу жооп беришип, талаш-тартыш болуп, сунуштар, пикирлер айтылат. Мугалим талкуу учурунда баарына көъщл буруп, окуучулардын эркин баарлашуусуна шарт түзүп, «жол көрсөтүүчүлүк» кызматын аткарып, туура багыттап, окуучулардын эмгегин баалайт.

## БЕЛГИЛЕР СИСТЕМАСЫ

Белгилер системасы бул окуу жана түшүнүү процесси натыйжалуу болуу үчүн колдонулган интерактивдүү ыкма. Белгилер системасы көпчүлүк адабияттарда ИНСЕРТ деп аталып, англис тилиндеги аталышынын башкы тамгалары аркылуу аталып жүрөт. Белгилерди коюу менен окуучулар окуган тексттин мазмунун түшүнүп, алган маалыматынан жыйынтык чыгара билүүгө көнүгүшөт.

Стратегиянын чакыруу баскычында жаъы тема боюнча кандай маалыматы бар экендиги суралып, аны тизмелеп жазып чыгуу тапшырмасы берилет. Окуучулардын жанындагы жолдошу менен түгөйлөшүп иштөосү кызыктуу болуп, аталган тема боюнча билгендерин жыйнактуу топтоштурууда демилгелүү киришет. Окуучунун бул алгачкы ишмердиги анын билим деңгээли канчалык даражада экендигин айгинелейт. Бул мезгилде мугалим дээрлик аз сүйлөп, «жол көрсөтүүчүлүк» кызматында болушу шарт. Окуучулар жандуу, активдүу катышуусу үчүн коюлган суроого, берилген тапшырмага негиздүү, далилдүү жооп бериши үчүн максаттуу, ырааттуу темага байланыштуу ой жүгүртүшү керек. Түшүнүү баскычында жаъы тема менен таанышуу текстти окуу же фильм көрүү, угуу аркылуу иш жүзүнө ашат. Окуучу бул баскычта абдан кызыгуу, дилгирленүү менен ишке активдүү катышуусу кажет. Белгилер системасы окуучулардын окуу процессине сүңгүп киришине кубаттуу курал болуп саналат. Адатта бул ыкманы колдонгонубузда жаңы материал таратылып берилип коюлуучу белгилердин мааниси мугалим тарабынан түшүндүрүлөт.

**«V»- билем;**

**«+»- жаъы билим;**

**«-»- алган маалыматыма каршымын;**

**«?» - түшүнгөн жокмун.**

Белгилерди коюуда, текстти тандоодо окуучулардын жаш өзгөчөлүгү, билим деңгээли окутуунун максаты эске алынат. Текстти окуп, белгилерди коюп чыгууга убакыт бөлүнөт. Белгилерди ашыкча коё бербестиги эскертилет. Түшүнүү баскычынын маъызы окуучулардын кызыгуусун колдоп, активдүүлүгүн арттыруу максатын көздөйт.

Ойлонуу баскычында окуучулар алган билимдерин бышыкташып, өз көз караштары калыптанат. Жаъы маалыматтарды өз сөзү менен айтып

берүүгө көнүгүшөт. Ар бир окуучунун түшүнүү жөндөмү ар түрдүщ болгондуктан, иштин жыйынтыгы да ар түрдүү болот. Башка окуучулардын да ой-пикирин угуу менен, окуучулардын көз карашы сөздүк запасы да кеъейет. Жаъы маалыматттар карама-каршы ой-пикирлер түшүнүксүз жагдайлар талкууланып бүткөн соъ таблицаны толтурушат.

| «V»- билем | «+» - жаъы билим | «-» - алган маалыматыма каршымын | «?» - түшүнгөн жокмун |
|---|---|---|---|
| | | | |

Мугалим окуучулардын айткан ой-пикирлерин жалпылап, толуктоо менен катар түшүнүксүз суроoo туудурган учурларын чечмелеп берет. Окуучулардын, студенттердин окуу, түшүнүү сабаттуулугун, баа берүүсүн, карама-каршы маалыматтарды талдай билүү, салыштыруу чеберчилигин арттыруу максатында тексттер менен иштөө сунушталат.

Адабиятты окуутунун жогорку баскычында 11-класста «Манастаануу» курсун окутууга 15 саат бөлүнгөн.  15 саат ичинде окуучуларга эпостун кыргыз элинин турмушундагы тарыхый орду, эпостун сюжети, негизги өзөк окуялары, каармандар, эпостун негизги идеясы, эпостун жыйналуу тарыхы, изилдениши, китеп болуп басылуу тарыхы окутулат. Мындай кеъири маселени 15 саат ичинде окутуу өтө эле аздык кылат.  Мектепте «Манас» эпосун окутуу менен келечек муундарды эли жерин коргоого, сүйүүгө, кор тутпоого, асыроого тарбиялайбыз.

Кыргыз эли оозеки чыгармачылыктын эъ бай үлгүлөрүн жараткан. Алардын ар бири өзүнчө чоъ тарых, сабак, чоъ таалим-тарбия. Рухий казынабыздын туу чокусу болгон «Манас» эпосун ар бир кыргыз баласы окуп үйрөнүп, сактап атадан балага татыктуу өткөрүп берүүбүз парз. Окуп үйрөнүү качан башталышы керек? Дүйнөнү дүъгүрөтүп, өнүккөн алдыъкы өлкөлөр элин, жерин, мыкты уул кыздарын балага мектеп босогосун алгач аттаган күндөн баштап урматтап сүйүүгө, үлгү алууга тарбияларын көрүп угуп жүрөбүз.  Элибиз: «Баланы башынан» , «Уядан эмнени көрсөъ, учканда ошону аласыъ», деп таалим-тарбия иштерин элдик оозеки чыгармачылыктын бардык үлгүлөрүндө сактап келген. «Манас» эпосунда баатыр чоролоруна минтип кайрылат:

«Айланайын баатырлар,
Ынтымакка чакырам.
Ырыс алды-ынтымак,
Ынтымагыъ жок болсо,
Төбөъдөн учат таалай бак.
Ынтымактан кайтпагын,
Ыркырашып шерлерим,

Ырыскыны чачпагын», -деп биримдүүлүккө чакырып, элинин бүтүндүгүн, жеринин ыйыктыгын бийик ар-намысты, адал эмгекти, таза абийирди туу тутуп үгүттөп келген.

«Манастаануу» илимине ат көтөргүс эмгек кылган окумуштуу академик Б.Юнусалиев: «Манас» жүздөгөн жылдар бою кыргыздар үчүн таалим алуучу, роман-китептин таасирдүү сахнанын жана экрандын, өткөндү эске салуучу тарых китебинин ролун аткарган»,- деп ыйык дастандын өзгөчөлүгүн белгилеген. «Манас» эпосун эл оозунан жыйнап, кагаз бетине түшүрүп, бүгүнкү күнгө жеткизген ар тараптуу изилдеген алгачкы окумуштуу Ч.Валихановдон баштап бардык жыйноочу, изилдөөчүлөргө урпактары таазим кылабыз. Алардын кагаз бетине түшүрүү иштериндеги көргөн азап-тозоктору, ысык-суукка, бар-жокко, куугунтукка чыдап жасаган иштеринин үзүрүн көрүп отурабыз. Эпостун тамыры тереъде жаткандыктан, ар түрдүү аспектиде окумуштуулар тарабынан азыр да изилденип жатат.

Өмүрүн илим-билимге арнап, талыкпай эмгектенген, «Манас» эпосуна байланыштуу опол тоодой эмгек сиъирген, элибиздин ардактуу кызы Р.З.Кыдырбаева жөнүндөгү көркөм текстти белгилер системасы аркылуу окуп түшүнүүнү сунуштайбыз.

(Эпосту изилдеген окумуштуулар кимдер, чет элдик изилдөөчүлөрдөн билгениңер барбы деген суроону мугалим жаңы темага даярдоо максатында берет. Окуучулар 8-класста «Манас» эпосу боюнча алган билимдерин эстерине түшүрөт.)

## Рух чокусуна жол чапкан илимпоз

Филология илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын корреспондент-мүчөсү, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиъирген ишмер, Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, профессор, коомдук «Манас» академиясынын академиги, Кыдырбаева Раиса Заитовна 1930-жылы Фрунзе шаарында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. 1952-жылы КМУнун филология факультетинин орусча бөлүмүн бүтүргөн.

Р.З.Кыдырбаеванын илимге келиши (бул илимдеги тагдыры болушу керек) өтө ыъгайлуу шарттарда башталган экен, аспирантураны Москвадагы М.Горький атындагы «Институт мировой литературы» деген илимий изилдөө инстититунда 1956-жылы аяктап, «**Алыкул Осмоновдун лирикасы**» деген темада кондидаттык диссертациясын ийгиликтүщ жактайт (1956-ж.). Эгерде Алыкул Осмоновдун поэтикалык жылдызы дал ошол энчилүү жылдардын экинчи жарымынан баштап, «жарк этип» ачыла баштаганын эске алсак, анда бул улуу акындын поэзиясынын эъ бийик чекити, Алыкул Осмоновдун лирикасынан башталышын бир кездешкен

«Илимий тагдыр» дебегенде, башкача эмне дешке болот.

«Дарак бир жерден көгөрөт» деген таасын айтылган сөз бар. Кандидаттык диссертациясын жактаган 1956-жылдан тартып, ушул күнгө чейин Кыдырбаева Раиса Заитовна Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясында, тагыраак айтканда , бир жерде, «Бир жерде» эле эмес, бир теманын, бир проблеманын үстүндө талыкпастан эмгектенип келет. Ал тема, ал проблема-кыргыз поэзиясы. Болгондо да кыргыз поэзиясынын эки кыл чокусу. Алыкул Осмонов жана «Манас» эпосу. Профессионалдык поэзиянын эң бийик үлгүлөрүнүн артка кайтарылып, элдик оозеки поэзияга өтүү бир жагынан күтүлбөгөндөй болсо, экинчи жагынан бул эки башка көрүнүш, бири-бири менен табийгый түрдө айкалышып, илимдеги өзүнчө бир эриш-аркак мыйзам ченемдүүлүктү жаратып жаткандай сезилет.

Чындыгында А.Осмоновдун лирикасы менен «Манас» эпосунун аралыгында Р.З.Кыдырбаева жасаган илимий изилдөөлөргө көз жүгүртсөк, анда бул окумуштуунун эң акырында келип «Манас» эпосуна токтогону табийгый көрүнүш экени, ал тургай өзүнчө бир жазмыштагы тагдыр экени айкындалат. **«Саринжи-Бөкөй» эпосунун идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгү» (1957-ж.), «Жаңыл-Мырза» эпосунун элдик поэтикалык традициясы»** (1960-ж.) аттуу эмгектер «Манас» эпосуна киришүү алдындагы фундаменталдуу даярдык, өтмө көпүрө сыяктуу көрүнүш эмес, ал баарынан мурда, кыргыз эпосунун ички табиятын аңдап-билүүнүн бирден бир туура жолу болчу.

Ошентип, кыргыз эпосуна эң оболу «Манас» эпосуна карата аталган багыт ориентация дааналанып, ачыкка чыгып калган эле. Р.З.Кыдырбаева эң өзөктүү, эң маанилүү изилдөөсүн «Манас» эпосуна арнады. Ал адегенде эле кандай ишке киришип жатканын, кандай жооптуу, кандай оор ишке киришип жатканын өтө жакшы түшүндү. Орус филологиясынын салтында калыптанып, жаъыдан өркүндөп өсө баштаган, ал кездеги жаш окумуштуу «Манас» эпосунун фонунда Ч,Ч.Валиханов менен В.В.Радловдун, В.М.Жирмунский менен М.О.Ауэзовдун алп караандары турганын жакшы билет эле. Булардын өлбөс-өчпөс караандары дайыма көз алдыда турганы бул өзүнчө бир тирек, түбөлүк өбөлгө экени талашсыз чындык. Ошондой эле бул атактуу окумуштуулардын жараткан эмгектери, калтырган мурасы манастаануунун талашсыз классикасы, түбөлүк пайдубалы болуп эсептелет. Ал эми ар кандай классика туруктуу түрдө классика бойдон калуу менен бирге, ал азыркыларга жана улам кийинкилерге илимдеги жаъы милдеттерди коет, алыскы перспеквтиваларды ачууга шыктандырат.

Ушул мааниде Р.З.Кыдырбаева 1960-жылдын башында эле манастаануу классикасынан өзүнүн жеке изилдөөсүнө карата негиздүү жыйынтыктарды чыгарып, туура багыт алууга үлгүрүптүр. Ч.Валихановдун «Манас» эпосу боюнча айткан учкул сөздөрү, В.Радловдун атактуу «Кириш сөзү», В.Жирмунскийдин манастаануу илимин дүйнөлүк масштабга

көтөрүп чыккан эмгеги, М.Ауэзовдун көп ойлуу, көп проблемалуу изилдөөсү эч кандай апыртуусуз айтканда деле Улуу сөзгө тете жазылган эмгектер. Демек, булардан тиешелүү жыйынтык чыгаруу деген сөз, классиканы жөн гана улантуу эмес, анын мазмуну боюнча тереңдетүү, жаңылантуу дегендикке жатат.

Дал ушундай бийик максатты өз алдына койгон Р.З.Кыдырбаева «Манас» эпосуна байланыштуу традициялык жана индивидуалдуулук маселесине карата» деген монографиясында (1967) салт, вариант жана варианттуулук, айтуучулук өнөрү эпостун келип чыгышы жана поэтикалык эволюцисы сыяктуу оозеки поэзиянын түйүндүү жана өзөктүү проблемаларын фольклористтик аъдап билүүнүн, борбордук темасына айландырат. Эпостун салттуулук менен жекече чыгармачылыктын бөтөнчөлүгүн сюжетин жана поэтикалык элементтердин материалында иликтөөгө алган бул монография «Манас» эпосу боюнча изилдөөлөрүнүн алгачкы жыйынтыгы болгон….

Ошентип, окумуштуунун алдында эки түрдүү кыйынчылык турган. Биринчиден, орус филологиясынын салтында калыптанган адамга миллиондогон ыр саптарын өздөштүрүп, өз «менчигине» өткөрүү маселеси болсо, экинчиден, жогоруда аталган улуу окумуштуулардын көлөкөсүндө калбай, өзүнчө жол табуу милдети турган. Чынында да миллиондогон ыр саптары жана алар жөнүндө жазылган классикалык эмгектер. Кантип, кандай жүрөк менен мындай ишке батынып киришүүгө болот? Р.З.Кыдырбаева батынып гана чектелген жок, ал манастаанууда өз багытын тапты, улуу эпостун жаъы катмарларын ачты. Натыйжада, окумуштуу «Манас» эпосунун эң байыркы рудименттик көрүнүштөрүнөн баштап, **Орхон-Энисейлик** жазмаларда сакталган эмгектерине чейин, баатырдык-тарыхый эпостун башталышынан тартып, азыркы жанрдык классикалык формасына чейинки трансформациясын кеъири тарыхый, фольклордук, этнографиялык планда иштеп чыккан.

Ушундай эмгектенүүнүн натыйжасында ал 1980-жылы **«Манас» эпосунун генезиси»** деген темадагы монографиясын жазат. Автор өзүнөн мурда манастаануу илимине өчпөс из салып, пайдубалын түптөп кеткен илимпоздордун коом алдында алып чыккан орундуу гипотезаларынын негизги тезистерин белгилеп атап өтүү менен, «кыргыздын залкар эпосун үйрөнүүнүн жаъы этабы башталганын» белгилейт. Иликтөөнүн бул жаңы тилкеси кыргыз-алтай, кыргыз-якут, монгол-огуз эпикалык параллелдерин тексттик тарыхый типологиялык салыштыруунун аркасында уруулардын генетикалык тамыры бирге экендигин тастыктайт…

Фольклортаануучу «Манастын» поэтикасын чыгарманын жеке сюжеттик курамын эмес, кеъири мейкиндик алкагынан, терең мезгилдик өлчөмдөн караган (Түштүк Сибирь, Алтай, Түндүк Монголия). Демек, эпостун поэтикалык генезиси фольклор деп аталган эл чыгармачылыгынын

көп тарамдуу, ошол эле учурда синкреттүү казынасында уюп жатканын түшүнгөн изилдөөчү, байыркы түрк тилин изилдеп жүргөн ири лингвист-этимологдордун эмгектеринен тартып, тиешелүү археологиялык, этнографиялык, тарыхый, диний, философиялык, мифтик изилдөөлөрдү, ырым-жырым, ритуал, каада-салт, баштапкы ишеним туурасында жазылган түрдүү булактарды кылдаттык менен өздөштүрүп, аларды «Манастагы» мерчемдүү мотивдерге салыштырууда таамай төп келүүлөрдү таап чыккан. Ошентип, «Манастын» генезисинде качандыр бир кылымдарда тарыхый жолу жалпы элдердин мифтик сакралдуу турмушунан тартып, кийинки доорлордогу башынан кечирген реалдуу тагдыры поэтизацияланганы белгилүү болот….

Ошентип, «Манастын» «генезиси» тарыхый салыштырма критерийдин негизинде жазылган кеъири перспективалуу да, терең концептуалдуу да эмгектердин бири. Эпостун поэтикасын илимий талдоого «Манастын генезисинен» кийин жарык көргөн «Манастын айтуучулук чеберчилиги» (1884) (орус тилинде) деген иликтөөсүндө Кыдырбаева дал ушул салттуу формулалык жана жекече стилдин теориясын тереъдетүү аркылуу Акылбек, Тыныбек, Тоголок Молдо, Молдобасан, Сагымбай, Саякбай өъдүү залкар манасчылардын чыгармачыл манерасын, сюжетти өрчүтүүдөгү, манасчынын өзүнө гана тиешелүү стилин, төкмөчүлүк мыйзам ченемдүүлүккө жараша жалпылыктарга ээ экендиги ачыкка чыгат.

Окумуштуу, монографиясында жеке чыгармачылык менен оозеки чыгармачылыктын салттары бири-бирин жокко чыгарбастан, тескерисинче алар тыгыз карым-катышта боло тургандыгын белгилейт. Ушул ойлорун, пикирин автор өзүнүн **«Манас» эпосунун варианттарынын өзгөчөлүктөрү» (1988)** деген эмгегинде да улантат. Анда М.Чокморовдун салтка жасаган мамилеси жана өзгөчөлүктөрү тууралуу айтылат, эпостун өнүгүшүнө кошкон төкмөчүлүк салтына токтолот. (иш соавторлор менен чогуу жазылган). Иште айтуучулук чеберчиликке салттуулуктун негизги ролу төкмөлүк салттуулуктун ажырагыс бөлүгү сыяктуу проблемаларды козгойт, салттуулукту өздөштүрүү ары татаал, ары көп кырдуу көрүнүш экенине басым жасайт.

1996-жылы Р.З.Кыдырбаеванын эпостун 1000 жылдык юбилейине карата «Манас» боюнча ушул учурга чейин изилденип бүткөн проблемаларынын негизинде жыйынтыктоочу **«Эпос «Манас»: Генезис. Поэтика. Сказительство»** (1996) деген монографиясы жарык көрөт. Бул эмгек «Манас» эпосунун генезиси, поэтика, манасчылык өнөрдүн өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү проблемалар мурда жазылган доктордук диссертация катары коргоого сунуш кылынган жана 1983-жылы ийгиликтүщ жакталган жана кийинки учурларда изилденген, толукталып материалдар менен байытылган жаъы изилдөөлөрдүн негизинде келип чыкты.

2007-жылы **«В начале было Слово»** деген монографиясы орус

тилинде жарык көрөт. Бул эмгекте автор кыргыздын Сөз маданиятынын оозеки адабиятында алган орду жөнүндө кеңири изилдөө жүргүзөт. Көркөм сөз өзүнүн башатынан тартып канчалык миъ жылдарды аралап өтүп, кандай багытта өнүктүрүлгөнү жөнүндө маселе козголот. Бөтөнчө оозеки поэзиядагы адеп- ахлак, жүрүм-турум жөнүндө, өмүр-жашоо, сүйүү жана жек көрүү, адилеттик жана арамзаалык, жаман-жакшы, ак-кара жөнүндө кеңири ой жүгүртүлөт. «Манас» эпосунда дидактикалык нукта өнүккөн акыл-насааттардын ыр түрмөктөрүнүн түрк руникалык жазмалары менен байланыштары бар экени да далилденет. Ошону менен бирге «Манас» эпосундагы оң жана терс каармандарга кеңири анализ берилгенин көрөбүз, бөтөнчө эпосто жыш кезиккен магиялык, сокралдуу ойду алып жүргөн каргыштар, баталар насааттардын эпосто алган багыты, мааниси, көркөм өзгөчөлүктөрү жөнүндө изилдөө жүргүзүлөт…

Монографиянын экинчи бөлүгү **«Кыргызстандын оозеки маданиятына таасир эткен Курандын мотивдери»**деп аталат. **(Коранические мотивы в устно –поэтической культуре кыргызов)**. Бул бөлүмдө Ислам динин кайсыл учурдан тартып кыргыз уруулары кабыл алынганы жөнүндө сөз болуу менен бирге «Куранда» кезиккен мотивдер кандай учурда жана кандай жолдор менен манасчылардын айтымына таасир эткени талданат жана кыргыз акындары Молдо Нияз, Кылыч Молдо, Үмөт молдолордун ыр саптарында кезиккен ислам жөнүндөгү мотивдерге токтолгонун көрөбүз. Ошону менен бирге "Курандын" мотивдери Манастын образынын ачылышына да өзүнүн таасирин тийгизгенин белгилейт. Эгер ислам динине кыргыздар киргенге чейинки эпостун варианттарында баатыр Манас өзүнүн душмандарын жеке баатырдык кара күч менен жеңсе, кийинки айтылган варианттарда өтө кыйын учурларда, душмандарды жеңгенде исламдын кээ бир пайгамбарлары, кырк чилтендер, асмандан түшкөн кылыч аркалуу жардамдашканы белгиленет.

Монографиянын үчүнчү бөлүгүндөгү **«Аза күтүү поэзиясы»** деген изилдөөсүндө автор кошок жанрына аныктоо берүү, анын түрлөрүнө анализ жүргүзүү менен, бул жанрдын кыргыз фольклорундагы эъ байыркы түр экенин бекемдөө үчүн руникалык эпитафиялар менен салыштырылып, аларда учураган поэтикалык жанрдыктар менен мүнөздөгөнүн көрөбүз.

Р.З.Кыдырбаеванын дагы бир кызыктуу жана актуалдуу темадагы **«Кыргызско-монгольские эпические параллели»** деген монографиясы 2011-жылы орус тилинде жазып бүткөнүн белгилей кетүү дагы зарыл. Бул изилдөөдө кыргыз жана монгол эпосторунда кезиккен генетикалык жана типологиялык окшоштуктарды анализдеп, алардын башатын, эволюциялык трансформациясын, архаикалык тарыхый байланыштарын тактоо менен бирге - алар кайсыл учурда жана кандай окуялар менен байланышы бар экенине басым жасалат…

Р.З.Кыдырбаеванын кыргыз тилинде чыккан дагы эки монографиясына

да кыскача мүнөздөмө берип кетишибиз абзел. Изилдөөчүнүн « Мезгилдер, муундар жана манасчы» (2004) деген кыргыз тилинде жарыяланган монографиясында манасчылардын эпосту өнүктүрүүдөгү орду, айтуучулук чеберчилиги, алардын чыгармачыл өмүр баяны, салттын негиз салуучу орду, төкмөчүлүк-салттын ажырагыс бөлүгү деген проблемалар каралат. Бул ишинде автор манасчылардын таалим алган мектептерин изилдеп, аларды чыгармачылык топторго бөлүштүрүүдө төрт регионго - чүйлүк, ысык-көлдүк, тяньшандык, түштүк топторуна бөлүштүрүп, ар бир топтун айтуучулук окшоштугун жана өзгөчөлүктөрүн ачып берүүгө аракеттенет. Иштин жыйынтыгында манасчылардын айтуучулук өнөрүн бириктирип турган эпостун өзөк сюжетине акцент коюлат: манасчы сюжетти кайталап аткарууда вариацияларга, эпизоддорду кыскартуу жана узартууга, саптардын, строфалардын ордун алмаштырууга жол берет. Бирок, туруктуу сюжет манасчы үчүн таяныч элемент, даяр сценарий деп жыйынтыктайт изилдөөчү….

Ошону менен бирге бул автордун 2009-жылы чыккан «Кыргыздардын оозеки маданиятынын калыптанышындагы тарыхый көркөм өбөлгөлөр» деген монографиясында дагы эпостун поэтикалык өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө басым койгонун көрөбүз. Анда «Манас» эпосундагы образдардын көркөм берилиши, поэтикалык салттын сакталышы, эпостун кылымдар бою уюп калган формуласы, анын көркөм өзөгү, эпостогу уйкаштын түрлөрү, аллитерация, параллелизмдердин архаикалык башаттары анализге алынат.

«Манастын» кайсы гана маселеси болбосун окумуштуунун элегинен өтпөгөн, анын илимпоздук акыл–оюн түйшөлтпөгөн учур аз болсо керек. Манастаануунун көрүнүктүү ишмери Р.З.Кыдырбаева бүгүнкү күндө талыкпай изденүүнүн үстүндө. Арбын жылдар ичинде ийленип иштелген эмгегинин түшүмдөрү удаалаш жарыкка чыгуу менен фольклортаануу илимибиздин казынасы бир далай илимий орошон илимий жыйынтыктар, эмгектер менен толукталды. …

Жыйынтыктап айтсак, бул бирин-бири тереңдеткен жана толуктаган биз санап кеткен монографиялар өзүнүн мазмуну жана илимий ачылгалары боюнча чыны менен кыргыз фольклористикасында жемиштүү илимий жаъылык экени эч кандай күмөн туудурбайт. «Манас» эпосунун келип чыгышы, тарыхый шарттары, көркөм булактары, ошондой эле эпостун табиятындагы салттуулук жана индивидуалдуулук маселелери бул эмгектерде кеъири анализ жана синтез негизинде жогорку илимий деңгээлде иш жүзүнө ашырылган.

Р.З,Кыдырбаева көрүнүктүү окумуштуу гана эмес, ал өзүнүн илимий идеяларын жекече эмгектеринде ишке ашыруу менен бирге, жаш фольклористтерди талыкпай даярдаган педагог окутуучу. Ал 22 илимдин кандидаттарын даярдап чыгарды. Ушул жагынан алганда эле Р.З.Кыдырбаева кыргыз фольклористикасында өзүнүн мектебин ачты

дегенге толук негиз бар [2, 71].

Өтүлгөн теманы бышыктоо максатында текстке байланыштуу тесттик тапшырмалар берилет. Кыргыз адабияты сабагында тесттерди колдонуу менен окуучулардын текстти кылдат окуп чыгуусуна, мазмунун ар тараптуу түшүнүп, жыйынтыктай алышына шарт түзөт. Тест жүргүзүүдө окуучулар билим деңгээлдерин, материалды кандай өздөштүргөндүгүн тесттин туура жоопторунун жыйынтыгы чыккан соъ таразалашат. Мугалим тесттин суроолорун түзүүдө жаш өзгөчөлүгүн, суроолордун санын, татаалдык деңгээлдерин эске алып, жыйынтыгында баалоо системаларын иштеп чыгып, өтө кылдаттык менен түзүшү керек.

Кыдырбаеванын өмүрү чыгармачылыгына байланыштуу төмөнкү тесттик тапшырмалар берилет:

1. Филология илимдеринин доктору, КРУИАнын корреспондент-мүчөсү, КР илимине эмгек сиъирген ишмер, мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, профессор, коомдук «Манас» академиясынын академиги Р.З.Кыдырбаева канчанчы жылы, кайсыл жерде төрөлгөн?

А) 1932-жылы Ысык-Көл обласы;
Б) 1930-жылы Фрунзе шаары;
В) 1935-жылы Нарын шаары;
Г) 1931-жылы Каракол шаары.

2. Аспурантураны кайсы шаардагы кайсы институттан окуган?

А) Москва шаарындагы Горький атындагы дүйнөлүк адабият институту;
Б) Бишкек шаарындагы мугалимдер институту;
В) Ош шаарындагы кыз-келиндер институту;
Г) Ташкент шаарындагы тил жана адабият институту.

3. Р.З.Кыдырбаева канчанчы жылы эмне деген темада кандидаттык диссертациясын жактаган?

А) 1955-жылы «Кыргыз ырларынын түзүлүшү» деген темада;
Б) 1958-жылы «Манасчылык өнөрдүн өзгөчөлүгү» деген темада;
В) 1956-жылы «А. Осмоновдун лирикасы» деген темада;
Г) 1954-жылы «Т.Сатылгановдун санат ырлары» деген темада.

4. «Дарак бир жерден көгөрөт» дейт. Р.З.Кыдырбаева 1956-жылдан бери ушул күнгө чейин кайсы жогорку окуу жайында эмгектенип келет?

А) Бишкек Гуманитардык университети ;
Б) Кыргыз Улуттук университети;

В) Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университети;
Г) КР Улуттук илимдер академиясы.

5. «Манас» эпосун изилдөөгө киришүү алдындагы илимий эмгектерин ата?

А) «Кожожаш» эпосунун көркөмдүгү;
Б) «Кыз Сайкал» эпосунун поэтикасы;
В) «Саринжи - Бөкөй» эпосунун идеялык көркөмдүк өзгөчөлүгү», «Жаңыл Мырза» эпосунун элдик поэтикалык традициясы;
Г) «Баатыр кыздардын образдары».

6. Фольклортаанучу «Манастын» поэтикасын кеъири мейкиндик алкагынан, тереъ мезгилдик өлчөмдөн караган, алар кайсы мейкиндик кайсыл жерлер?

А) Түштүк Сибирь, Алтай, Түндүк Монголия;
Б) Ысык-Көл, Кытай;
В) Кытай, Монголия, Якутия;
Г)Кыргызстан, Якутия, Алтай.

7. Акылбек, Тыныбек, Тоголок Молдо, Молдобасан, Сагынбай, Саякбай өъдүү залкар манасчылардын чыгармачыл манерасын кайсыл эмгегинде иликтеген?

А) «Манас» эпосунун генезиси;
Б) «Саринжи - Бөкөй» эпосунун идеялык көркөмдүк өзгөчөлүгү;
В) «Алыкул Осмоновдун лирикасы»;
Г) Манасчынын айтуучулук чеберчилиги.

8. Көрүнүктүү окумуштуу Р.З.Кыдырбаева канча илимдин кандидатын даярдап чыгарган?

А) 100 кандидат;
Б) 50 кандидиат;
В) 22 кандидат:
Г) 15 кандидат.

9. Өмүрлүк жары, таланттуу илимпоз К.Асаналиев менен биргеликте жазган ишин ата?

А) «Токтогул Сатылганов» (1989);
Б) «Кыргыз адабий тилинин терминдер сөздүгү» (2004)

В) «В начале было слово» (2007)
Г) «Манас» эпосунун генезиси» (1980).

10. Р.З.Кыдырбаева докторлук диссертациясын кайсыл жылы ийгиликтүү жактаган?

А) 1980-жылы;
Б) 1959-жылы;
В) 1989-жылы;
Г) 1983-жылы.

Тесттик тапшырмалардын туура жооптору:
1. Б
2. А
3. В
4. Г
5. В
6. А
7. Г
8. В
9. Б
10. Г.

Сабак мугалим тарабынан жыйынтыкталып, окуучулардын билимин калыс баалап, үйгө тапшырма берилет.

## БАШКАРЫП ОКУТУУ

Мектепте адабиятты окутууда колдонулган интерактивдүү методдордун ичинен башкарып окутуу стратегиясы абдан кызыктуу, жандуу өтөт. Башкарып окутуу стратегиясы текст менен иштөөгө негизделип, тексттин мазмунуна жана идеясына жараша суроолор түзүлөт. Стратегияны адабиятты окутуунун бардык баскычтарында жүргүзүүгө ылайык.

**Чакыруу баскычында** мугалим өтүлө турган чыгарманын автору жөнүндө сурап, кызыгуусун арттырууга кадам таштайт. Бул сурамжылоону узакка созбостон, жазуучунун өмүр жолундагы бирин-экин көрүнүктүү учурлардан кеп салып берип, окуучулардын чыгарманы окууга ынтызарлыгын күчөтөт. Чыгарманын аталышы жөнүндө сөз кылып, эмне жөнүндө сөз болоорун сурап, балдарды ошол багыт боюнча ойлонууга даярдоо жүргүзүлөт. Чакыруу баскычында адаттагыдай эле түгөйү менен иштөө, өз алдынча иштөө аркылуу талкуу жүргүзүлөт. Мугалим текстти

кантип окуу жөнүндө көрсөтмө берет. Текст көрсөтүлгөн жерге чейин гана окулуп, андан ары окууга тыюу салынат.

**Ойлоп түшүнүү баскычында** текст бөлүктөр менен окулат, окуучулардын окуу темпине байкоо жүргүзүлөт. Ар бир бөлүктү окуп бүткөндөн кийин мугалим окуучуларга текстте андан ары эмне болушу мүмкүн, кандай проблема көтөрүлүп жатат деген сыяктуу 3 же 4 суроо берет. Суроолор текстти тереъ түшүнүүгө багытталып, көркөм ой жүгүртүүгө, таасирленүүгө, каармандарды мүнөздөй алууга жетишет. Мугалим окуучуларга өз оюн таъуулабашы керек. Суроолорго жооп берүү менен окуучулар чыгарманын идеясын түшүнүп, андан ары байкоолорду жүргүзүшөт. Биринчи тынымдан кийин экинчи бөлүк окулуп, кайрадан суроолор берилип, тексттин кийинки бөлүгүнө өтүүгө чакырат. Акырындап тексттин мазмунун түшүнүү жүрөт. Тексттин көлөмүнө жараша бөлүктөр бөлүнүп, канча бөлүккө бөлүнсө ошончо тыным жасалып, суроолор берилип, циклдүү мүнөздө болот.

**Артка кайтуу баскычында** окуучулар чыгарма боюнча өз алдынча эссе жазышат. Белгилүү бир өлчөнгөн убакыттан кийин окуучулар эссесин жалпы класска окуп берет.

9-класста III чейректе А.Саспаевдин өмүрү, чыгармачылыгын окутууга 3 саат берилип, «Татым туз» жана «Сарала ит» деген чыгармалары окутулат. «Татым туз» аңгемесин башкарып окутуу стратегиясы боюнча окутуу менен окуучулар «Өз мекенинде жашаган бакыттан ашкан бакыт жок» экендигин түшүнүшөт. Мугалим А.Саспаевдин өмүрү, чыгармачылык жолундагы маанилүү учурларды, кандай чыгармаларды жазгандыгы, аңгеме жанры жазуучунун стихиясы экендиги, А.Саспаевдин аңгемелеринин өзгөчөлүгү, идеясы, көркөмдүк нарк насили, «Кытайча-кыргызча сөздүгү», окумуштуулугу туурасында биринчи сабакта айтып берет. «Татым туз» аңгемесин окутуунун алдында чакыруу баскычында мугалим окуучулар менен аңгемени окууга даярдык иштерин жүргүзөт. Окуучуларга текст таратылып берилет, текст бөлүктөргө бөлүнгөн.

### Татым туз

Суу айрыгына жакын, саздакка чыккан кыяк чөптү ыктап жалгыз түтүн кыргыз жашады. Эзелтен эле жергиликтүү дыйкан уйгурлар конуш тээп ,төшкө такай соккон корук тамдын калдыгынан башка ал жерде дагы бул күнгө чейин төрт түтүн уйгурдун эски тамы сакталып калган. Бирок, көндүм адат катары, ага каттаган жөө базарчылар көп деле кыйналуучу эмес.

Элдин айтымына караганда, илгерки бир жылдары Көл кыргыздары ушул жакка ооп келип кайткан имиш. Ошолордун Келгинбай аттуу бир түтүн кыргыз ушул жерди мекендеп калыптыр. Ал кездерде Келгинбай отуздун ортон белине келип калган жигит экен да, оор келте оорусуна кириптер болуптур. Сапарга шайы келбегендиктен анын зайыбы Оймокчон элден бөлүнүп, күйөөсүн айыктырып кайтууга бел байлайт. Ошентип, алар чет жерди мекендөөгө аргасыз болушат. Келгинбайдын туугандары ыгым-чыгым, кепин-акыретин даярдап берип:

- Оо-о, Оймокчон! Эр деп этегинен кармап калдыъ. Кор болбоссуң. Ата-бабаларыбыздын арбагы колдоп эрди элине кош!-деп чуркурап бата беришет.

Келгенбайдын тагдыры Оймокчонго тапшырылгандан кийин, кайнатасы сакалынан жашын куюлтуп туруп, көптүн алдында мындай деди:

- Жер дүйнөдө көргөн жалгыз уулум эле, ал сага аманат! Мага топурак эл, өз жеримен буюрсун. Карып калган кезимде кудай элден ажыратпасын. Мемиремди энеңдин этегине салып бер балам, жыттап жүрөйүн…

Оймокчон эмчектеги баласын кайненесине карматып, көз жашын элден жашырып сыкты.

- Мобу түйүнчөктү катып кой,-деп тапшырды кайнатасы акыркы жолу, - Кокус ары бурулуп кетсе, сууга эзип, оозуна тамыз. Айыгып мал болуучу болсо, колуна бер.

**I тынымдан кийинки суроолор:**

1. Биринчи бөлүктү окуп бүткөндөн кийин сиздер эмнени сезип, эмнени көрдүңүздөр?
2. Сиздердин оюңуздар боюнча чыгармада кандай проблема көтөрүлүп жатат?
3. Келини Оймокчон уулун кайнатасына береби?
4. Мындан ары окуя кандай болот деп ойлойсуз? Эмне үчүн?

**II тыным:**

Сүрдүккөн кыргыздар жөө-жалаңдап мекенине сапар чегишти. Өъү көгүлтүр тартып, эрди кеберсип, чыңалып онтогон Келгинбай жан күйөөрү жалгыз Оймокчондун колунда калды. Оймокчон жанын сабап, сыркоолуу күйөөсүн тегеренди. Койгулт көзүнөн жаш мөлтүлдөп, күйөөсүнүн башын кучактап, далай түндөр уктабады.

Алектүү күндөр өтө берди. Чачы жылма түшүп, жаак эттери шылына баштаганда, Келгинбай эсин жыйды. Күнүнө бир чайдоос кайнаган суу ичип, тамыры тышына тепкен ичке манжаларын карап коюп төшөктө узак жатып калды. Оорунун зардабынан абыдан арылып, тамакка табити козголгончо эки ай өтө чыкты. Ал абыдан айыгып, элине кетмекчи болгондо, өтө кеч калган эле. Чек ара бекиди. Келгинбай мыйзамга баш

ийди да ушул суу айрыгына төрт тамдын башын курап, аргасыз узак жылдар жашап калды.

Ортодон отуз жылга жакын убакыт өтүп, Келгинбай абышка атанган кезде анын башына арылгыс оор кайгы түштү. Гоминдандык желдеттер бийлеп турган караъгылык жылдары калыъ журтка келте оорусу тарады.

Өлүм-житим көп болду. Уезддик шаардын тегерегиндеги дөбөлөр калыъ мүрзөгө айланды. Өлүм күчөгөн сайын, замбилге салынган өлүктү эки киши көтөрүп чыгып, туш келди жер казып көмө баштады. Кепиндик ак табылбай жууркандын шейшебин иштетишип, элде шейшеп аттуу жоголгон соъ, кээ бирөөлөр камыштан токулган бойрого ороп, кээ бирлери жаш бедеге ороп көмө баштаган болушту. Бул алаамат ыйык динге да таасирин тийгизди, назик чырак көъүл айтуулар мүлдө унутулду.

**II тынымдан кийинки суроо:**

1. Келгинбай абышканын кийинки тагдыры кандай болушу мүмкүн?
2. Келте оорусунан сакайып кете алышабы?
3. Сиздердин оюңуздар боюнча окуя мындан ары кандай өнүгөт?
4. Келгинбай Ата мекенине эмне себептен кайтпай калды?

**III тыным:**

Дал ушул оор апаат Келгинбай чалдын кемпири Оймокчонду жалмап жолго түштү. Шордуу чал кемпирин шейшебине ороп көмдү. Көр казып жан баккан киши менен чалдын кошунасы жана өзү болуп, Оймокчондун сөөгүн үч эле киши жерледи. Кемпирин көөмп, топурагын чочойтумуш болгондон кийин, ал мүрзө башында күңгүрөнүп узакка отурду. Кырк жылга жуук бирге жашаган жары менен түбөлүккө коштошуу оъойбу? Жан шеригинин бүткүл жоруктары чалдын көз алдынан биринен сала бири өтүп жатты. Элден бөлүнүп жалгыз калгандагы Оймокчондун кайраты, жубайы үчүн курман кылган мээрими, чалдын сай-сөөгүн сыздатып жаткан эле. Чындыгында, эми, ал жалгыз кемпири менен гана эмес, жашоонун жылуу коюну менен да коштошуп жаткан.

Чал кайратына келип, топурак башынан турган соң этек-жеңин кагып, чолок жашын алаканы менен аарчыды да үйүн көздөй басты.

Келгинбай кайра келген соң үйдүн төрт бурчуна көз таштады. А дегенде эле анын көзү казыкта илинип турган кемпиринин көк мата көйнөгүнө түштү. «О-о, Жараткан! Жалганда мендей шордуу бар бекен?! Элди жутуп жаткан келте менден несине тартынды экен!» деп ойлоду чал. Ушул суук көрүнгөн үйдө эми өзүнөн башка эч ким жок экенин эсине алганда, байкуш чал үн чыгарып боздоп кое берди:

- О-о, кудурет, тарт аманатыңды! Эми кор кыла көрбө!-чал көзүнүн жашын сакалынан куюлтуп, ээн үйдө узак ыйлады. Ботосу өлгөн каймал

гана ушундай боздомок.

Эгер кишилерде үмүт деген неме жок болсо, анда эч кандай кайрат, жашоого умтулуу болмок эмес. Өмүрүнүн канчалык кайгы-касиретин берип койсо да кишилик үмүт менен убакыт алдында алар ар качан дармансыз. Келгинбай чал өзөгүн өрттөгөн дартты көз жашы менен жууп кетиргенсиди. Аздап бою сергип, эс токтотуп өзүн өзү жубатты. Өзүнө көңүл айтып кайрат берди.

Ар кандай бактысыз кишилер да өзүнүн тиричилиги жөнүндө ойлонбой койбойт эмеспи. Келгинбай чал да болумсуз оокатына көз кырын салды. Үй ичиндеги чачылган бирдемкелерди жыйнап, эски курржунга шыкап таштады. Анан дагы бирдемелерди иштемиш болду. Үй ичин жыйнаган соң жаман талпагына жайланып отурду да, чөнтөгүнөн кичине түйүнчөк алып чыгып, чебердеп чече баштады. Түйүнчөк ичинде бармактай туз бар эле. Келгинбай тузду алаканына салып, бир нече ирээт тилин тийгизип, шербеттүү даамдан бетер шилекейин кумарлана жутту. Эчен кыйын-кыстоо көргөн учурларда ушул бармактай болгон тузду жалап медет таап, кам көңүлүн жооткото алган да. Өз жеринин бир татым тузу Келгинбай чалдын өмүрлүк колдоочусу, үмүт менен ишеним берүүчүсү, сагынуу менен кусалыкты таркатуучусу болуп калган…

**III тынымдан кийинки суроолор:**

1. Өз жеринин татым тузу Келгинбайды колдойбу?
2. Кемпири Оймокчон каза болгондон кийин Келгинбайдын тагдыры кандай болот?
3. Эгер, кишилерде үмүт деген нерсе жок болсо, анда кандай болмок?
4. Бир үйдө жападан жалгыз калган Келгинбай карыя кандай үмүт менен жашады?

**IV тыным:**

Ата конушка кайталбай, чет жерде аргасыз жалгыз түтүн калгандан кийин Оймокчон бар болгону бир кыз, эки эркек төрөдү. Анын экөө жерге көмүлдү да тагдыры касиреттүү чалга болсун деп бирин тирүү калтырды. Баланын аты Эшбол эле.

Ал уезддик шаардан окуп жүрүп мугалим болгон соң, башталгыч мектепте иштей баштады. Бирок, үчүнчү жылы эле гомиъдандык полиция жагынан кармалып түрмөгө жабылды. Ошондогу анын кылмышы: өзүнүн ата мекени жөнүндө балдарга эки жолу өз түшүнүгүнчө аңгемелеп берген. «Совет жеринде силердей балдар жайкы дем алышта Крым деген жерге барып ойношот. Моюндарына кызыл жагоо байлашат» деген. Бул дагы жаш мугалимдин журналда гана көргөн түшүнүгү эле. Гоминдандык тыңчылар ошол учурда дал эле ошондой сөздөрдү айткан кишилерди издеп, ал жөнүндө маалымат жеткирип, бул кесибин күн көрүүнүн айласы кылып

алган. Эшбол Совет эли жөнүндөгү ошол «лекциясынан» кийин бешинчи күнү түн ичинде куралдуу желдеттер жагынан ойготулду.

Ал кезде майда элдердин эң жетилгени эле мугалимдик мансапка ээ болуучу. Бирок, ошол кызматтын өзүн гомиңдандык кытайлар иштей албаганы үчүн гана өз улутунан коюлуучу. «Малыңарды багып, эгиниңерди салып жашай бербейсиңерби. Мектептин силерге кереги не? Адамдар агартуусуз деле өмүр сүрүп келишкен!» деген үгүттөр ачыктан ачык айтылчу.

Мугалимдер үчүн кадам сайын курулуу капкан бар эле да, чанда бирөө болбосо, көп мугалим ага түшүп турган. Алардын ордуна тажрыйбасыз, билимсиз чала молдолор коюлуучу. Гомиңдаңчылар беттерине кармаган эл агартуунун иштерин ушундайча тескери кетирген эле. Түн ичинде мугалимдин үйүн көздөй куралдуу желдеттер басты дегиче, ал шору каткан мугалим изсиз жоголуп да тынуучу.

Гомиңдаңдык желдеттер кирип келгенде, Келгинбай чал баласынан тирүү айрылаар сааты түшкөнүн сезип, аны окутканы үчүн өзүнө наалат айтып, төшөгүндө үнсүз отурду.

Желдеттер машкедей шимшип, үйдөгү кагаз бүткөндүн барын чогултуп алышты. Андан кийин болсо адаттагы буйрук:

- Тур, кийин!- Офицер бул эки сөзгө каньк эле.

Эшбол шаша койбоду. Жайбаракат кийинди. Ал өзүнүн мугалимдеринин артынан «барса келбеске» кетип жатканын тымызын сезген болуучу. Ал: «Мен эми жарык дүйнө менен коштошуу үчүн, азыркы сааттан баштап ата-энемди кайрылып көрө албас жерге баруу үчүн даярданып жатам!» деп ойлоду. Кантсе да ал кийимин кийип болуп, эшикти көздөй басты. Төшөктөн башын чыгарып, өлүктөй сулк жаткан шордуу Оймокчон бышактап эбак ыйлап жаткан эле.

-Эшен!- деди Келгинбай чал шашып, ал баласын ушундай атап эркелетүүчү, -Койо тур!

**IV тынымдан кийинки суроолр:**

1. Гомиңдандык тынчылар деген ким?
2. Гомиңдандык желдеттердин максаты эмне?
3. Майда элдер деген ким?
4. Эшболдун тагдыры кандай болот деп ойлойсуз?

**V тыным:**

Жанатан жүрөксүп жаткан байкуш эне чалынын үнүн медет кылып, чаңырып жиберди да чуркап жетип, Эшболдун мойнуна тарамыш колдорун ороп калды. Үйдүн ичи эми киши чыдагыс зар менен муъга толуп чыкты. Кайраттуу чал ары карап көз жашын аарчыды. Эшбол да кайраттуу, нары эстүү жигит болгон. Кандай учурда эмне кылаарын жакшы билчү.

- Кагылайын энеке, ыйлаба, жаным аман болсо кайра келем, -деп энесининин көз жашы менен жуулган бетин чопулдата өбө баштады. Курган эненин ого бетер мууну бошоду.

-Кой, муун-жүүнү бош кудай урган десе, амандыгын тиле анын, келе, жаъкы түйүнчөгүъ кана? Туздан улук эч нерсе жок. Туз-даам буйруп кайра келгиси бардыр, - Келгинбай чал сакалынан ылдый жаш куюлтуп туруп сүйлөнүп койо берди.

Бирок, түйүнчөктү купуя жеринен өзү туруп барып алды.

- Эшен, - деди чал колу калтырап, - мына бул туздан бир кемирип алып, татып жүрчү. Ата-бабабыздын мууну ушул туз менен каткан. Өз жериъдин тузу.

Ушул сөздөр оозунан чыккандан кийин чалдын өз көъүлү да ток боло түштү. Чыны менен эле касиеттүү туз Эшболду кайда жүрсө да колдоп, кайра алып келчүдөй сезилди. Эшбол ажырашаар алдында атасынын ишениминен аттап кеткиси келген жок. Тузду колуна алган соъ четинен бир кетип алып, оозуна калган күбүнчүгүн тилине салды да жутуп койду.

Шордуу эненин колу али да Эшболдун мойнунда болуучу. Бала ыйлап турган энесин алыстатып, жашын алаканы менен аарчыды да, гомиңдаңчылардын алдына түштү. Бутун зорго шилтеп босогодон аттады. Үйдө калгандарынын боздогон үнү кыйлага угулуп турду.

**V тынымдан кийинки суроолор:**

1. Окуя силер болжогондой болдубу?
2. Туз -даам деген эмне?
3. Өз жериңдин тузунун касиети эмнеде?
4. Эшбол татым туздун касиети колдоп, ата-энесине аман-эсен кайтып келеби? Кандай деп ойлойсуздар?

**VI тыным:**

Ошондон бир жыл өтүп эле уезддик жер чөлкөмүндө жугумтал келте дарты тарап, адамдар табийгый набыт боло баштады. Мына эми курган Келгинбай боорукер кемпири Оймокчонду келте дартына берип салып, аңгыраган жер тамда жалгыз өзү калды.

Чал кемпирди көмүшкөн уйгур кошунасынын үйгө киргенин да сезбестен чөгүп отурган. Кошунасы да өзү өңдүү кара сакал мээримдүү киши эле.

- Элхукми лилла!—деди кошунасы чөк түшүп отура кетип, - Кайрат кыл Келгинбай. Кордукта кордук мал жоктугунда эмес, баш жоктугунда көрүнөт. Кудайым Эшболуңду көрүүгө насип кылгай. Колдо өскөн бала эле, аман болсо, кырсыктан тышкары болсо, күндөрдүн биринде шып этип кирип келээр. Кайрат кыл да, сууңду кайнатып ичип, белиъди бекем бууп, жалгызыңдын амандыгын тилеп жүрө бер. Кир-когуң болсо, биздин

бала-чакага чайкатып алаарсың. Өлгөндүн артынан өлмөк жок. Ырыскың көтөрүлсө, элиңе барып да кошулаарсың….

Келгинбай чал ичи толгон кайгы менен ушул сөздөрдү угуп отура берди.

Бакытсыздыктын да өзүнчө чеги бар. Кезеги келгенде, ал да өз эрки менен бакытка ордун бошотуп бермек. Өмүрдүн бир сыры ушундай. Келгинбайдын кемпири өлгөндөн кийинки жылы эле кырдаал таң калгандай өзгөрүп чыга келди. Ыза менен кеги чегине жеткен аз улут калкы улуттук эзүүгө каршы көтөрүлө баштады. Гоминдаңчылар сепил согуп ийинине кирген жыландай бекиништи. Бирок, тарыхта калктын күчүн эч качан да коргон тосуп калган эмес. Буту менен басып, мурду менен тынгандын бары күрөшкө аттанды! Айры, чокмор көтөргөн калк тобу жаъыча куралданган гоминдан армиясын тороп айласын кетирди. Калк кошундары душмандын курал жарагына ээ болуп, жеңиштүү илгерилей берди. Боштондук кыймылы тез кулач жайганы шончо, айга жетпей Иле аймагы толугу менен элдик кошундун колуна өттү. Улуттук Армия түзүлүп, Алтай, Тарбагатай аймактарындагы эзилип жаткан боордош калкты боштондукка чыгаруу үчүн жорукка аттанды. Бул, дүйнө жүзүндө фашизм очогу талкаланган даңктуу кырк бешинчи жылдын башы эле.

**VI тынымдан кийинки суроолор:**

1. Келгинбай карыя жападан жалгыз калганда, уйгур кошунасынын мамилеси адамдыкпы?
2. Ырыскысы көтөрүлүп, элине барып кошулабы?
3. Бактысыздык деген эмне?

**VII тыным:**

Келгинбай чалдын кийинки өмүрү өзү жалгыз жашаса да өтө тез өтүп жаткансыды. Кайгы-капасынан аздап арыла баштады. Анын жүрөгүндөгү катып калган черлер гоминдаңчылар менен кошо жоголгонсуду. Ушундай жакшы күндөрдүн биринде Келгинбай абышка күтпөгөн бир кубанычка бөлөндү. Күн шашке маал болуучу. Аскер формасын кийген бир бейтаныш жигит үйгө шып кирип келди.

- Келгинбай абышканын үйү ушулбу?

-Ооба, айланайын,-деп байкуш чал оордунан тура калды. Анын үйүн бул жылдары эч ким сурамжылап келген эмес,- Карылык курусун, кайсы бала элең, балам?

- Жапаров болом.

-Баса кыргызсың го…

Келген жигит төш чөнтөгүнөн бир сүрөт сууруп чыгып, чалга сунду:

- Тааныйсызбы?

Шордуу чал сүрөттү көрө коюп өкүрүп ыйлап жиберди. Ал Эшболдун

сүрөтү болуучу. Эсинен адашкан абышка сүрөттү карап алып, жаш балача ыйлай берди.

-Ыйлабаңыз аке, майор Келгинбаев Эшбол азыр комиссар. Гоминдаңчылардын сазайын берип жүрөт. Майдандан бери жүрөөрдө ушул сүрөтүн берип, салам дуба айткан эле:

«Атам тирүү болсо, сүрөтүмдү ошол кишиге тапшыр. Эгер жок болсо, энем бардыр ошол кишиге тапшыр» деп табыштаган,- деди Жапаров.

Абышканын алжый баштаганына байланыштуу, баласына деген сагынычы башын туман чалган аскадай далдаалаган эле, азыр болсо, бир керемет жел чыгып, туманды түрдү да, чалдын жүрөгүндөгү сагынычты айдан ачык көрсөтө баштады. Мурда үмүтсүз эле, азыр үмүт менен ишенимди колуна катар түшүрүп, бул сезимди шордуу чал көтөрө алгыс даражага жетти.

- Аксакал, -деди жигит жайлап, - Кана, көп алагды болбоңуз. Балаңыздын тирүү экенине кубаныңыз. Мен да Эшбол өңдүү гоминдаңчылар жагынан кармалгандардын биримин. Ичинде Эшбол бар он чакты күнөкөрлөрдү буту-колуна кишен салып айдап бара жатканда үч черикти өлтүрүп, кишендерин чагып тоого качып кеткенбиз. Кийин барып көтөрүлүшчүлөргө кошулдук. Ошентип, эми гоминдаңчылардан өч алып жүрөбүз. Биздин жагдай ушул, кош болуңуз!

Келгинбай чал шашкан бойдон Жапаровду шарт колдон кармай алды:

-Оозуңан айланайын, туз даам ооз тийип кет. Кайра айланып келериңе жакшы!

Мууну калчылдаган абышка жегидей бирдеме караштыра жүрүп, суроо узата баштады:

-Эшен бир келип кетпейт бекен?

-Азырынча келалбайт.

-Урууң кайсыл балам? И-и, биздин көлдүктүн балдары турбайсыңбы. Эшен менин тирүүмдө бир келип көрүнүп коюп кайра кетсин, -деп жатып жоокерге токоч ооз тийгизди.

Бирок, баласынын көөнүн улап кемпири жөнүндө ооз ачпады. «Ата-энең аман соо экен» дегин жалгызыма. Анан жоокерди узата чыкты.

«О-о касиеттүү жеримдин тузу, Эшенимди колдоп тирүү сактаган тура! Өлгөнүм тирилип, өчкөнүм жанганы чын болсо экен. О-о касиеттүү жеримдин тузу, эми жалгызымды өз элине аман-эсен кошо гөр!» деп байкуш абышка жалгыз үйдө курун мойнуна салып, эки колу менен жакасын муунта кармап, узак күңгүрөндү…

Ордунан тургандан кийин, кайгысына орток боло жүргөн кошунасын мындай кубанычтан куру калтыргысы келбей, Келгинбай уйгур чалдын

үйүн көздөй басты.

**VII тынымдан кийинки суроолор:**

1. Келгинбай абышканын кубанычы сизди кубанта алдыбы?
2. Тукумун улоочу перзенти Эшболдун аман-эсендиги Келгинбай карыяда үмүт отун жандыра алдыбы?
3. Окуя кандай уланат деп ойлойсуз?

**VIII тыным:**

Айлар өтүп жатты .

Жемек-ичмек, кийим-кечеке кенеле түшкөн эл жаңырууда. Нөшөрлүү кара булуттай каптаган караъгылык сөгүлдү. Боштондук менен коюндашкан калыъ букара колдоруна курал алып, майданды көздөй агылды. Боштондук үчүн эр азаматтар майданда канын төктү. Гомиңдаңчылар бекем орногон Жаңхы деген жерде эсепсиз кан төгүлдү. Улуттук армия элдин боштондугу үчүн бир адым чегинбестен илгерилей берди. Акыры, Үрүмчүнүн чоң дарбазасы ачылып, Жаңхы гомиңдаңчылардан тазаланды. Мына ушул чоң кыргында биздин Эшбол да курман болду. Эл боштондугу үчүн күрөшүп, боштондук чегарасын Жаңхыга чейин жеткизишти да өзү ошол жерде түбөлүк кароолдо калып койду. Эшболду бүткүл батальон узатып, көмдү. Ондогон мылтыктан ок чыгарып, комиссарга катуу кайгыргандык билдиришти.

Шордуу чал баласы жөнүндөгү шум кабарда эсинен танып, кулап түштү. Кошунасы суу бүркүп эсине келтиргенде, адам көргүс түргө келип, алдастап ордунан тура калды…

-Жалгызым, кулунум!-чыңырып жиберип кайрадан кулады чал.

Жанында тургандар көз жашын булап, шору арылбаган пенденин касиретине орток болушту. Узак жылдар кайгы менен кападан кажыбаган абышка бул жолу бир күн ичинде эле алжып чыга келди. Буурул чачы агарып, жаак эти соолуп, мурдагыдан бетер төшөктө томолонуп калды. Багаар-көрөөрүнөн айрылып, кайгы мүлжүгөн кары кишинин күнү бул!

Эртеси кошунасы мусапыр чалды өз үйүнө киргизип алып, тамдын оъ жак капшытынан орун берди. Көрөөрү бүтүп, көмөөрү калган абышканын тиричилигине боору оорубаган киши калган жок. Келгинбай бирде соо болсо, бирде алжып сүйлөдү. Бирок, Татым туз түйүлгөн түйүнчөгүн колунан түшүргөн жок.

- Кечээ, Эшеним келип бүгүн муунум кирип калыптыр. Элге кетет окшойбуз. «Ата, жүр эми элге кетели, кайгы менен кападан кутулалы. Тузуъду эми бөлүп жеп койолу» деп Эшеним жаныма келип айтпадыбы. Садага кетейиним десе..- деп сүйлөдү чал.

Кээде жөөлүгөн сөздөргө аралаш өзүнүн өмүр жөнүндөгү

корутундуларын да кадимкидей айтып калуучу болду:

- Менин чоң арманым эле Эшенди колунан жетелеп барып, эл-журтуна кошоорум болучу. Эми өзүмдүн киндик каным төгүлүп, кирим жуулган жериме баратам, -деп колундагы тузду көрсөтөт,- мына бул Ысык-Көлдүн, туулган жеримдин тузу. О-о, кагылайын уйгур туугандар, Эшеним экөбүздү узаткыла. Бизди жерибиздин тузу тартып жатпайбы. Эчен жолу ач калганымда ушуну жалап тоюнгам, эчен жолку оор күндөрдө жаныма алып жүрүп, көңүлүмө төтөп, боюма кайрат тапкам. Ушул туз жанымда жүргөндө эл-журтумдун, бир туугандарымдын жанында жүргөндөй болом. Мен жеримди сагынып, куса болгонумда ушул туздан жалап алып сагынычымды таркаткам. Маа бул дүйнөдө мындан кымбат нерсе болгон эмес. Элден, жерден ажырап ага куса болуудан артык азап жок! Мен чабармандын камчысын жедим, байлардын зордугун, жокчулуктун кордугун көрдүм, ошондо өлүп каламбы деп корконум жок, өз жеримди көрбөй каламбы деп корктум. Мен көргөн кордугума ызаланбадым, элден-жерден адашып калганыма ызаландым! Оо туугандар, узатып койгулачы, жеримдин тузу тартып, ата конушубузга алып баратат…

Ушинтип Келгинбай кирпик какпады, даам татпады. Арадан үч күн өтпөй эле чалда куру гана сөөк калды.

Бир күнү, эртеъ менен мусапыр чал төшөгүндө жансыз жатканы билинди. Узак жылдар кайгы менен касирет, сагынуу менен кусалык мүлжүп бүткөн шордуу абышка азаптуу өмүрү менен түбөлүккө кош айтты. Кармаган соопкерлердин айтымына караганда чалдын оозунда өз жеринин татым тузу бар экен [12, 38].

**VIII тынымдан кийинки суроолор:**

1. Бир жагынан элинен ажыраган, экинчи жагынан медер туткан уулунан ажырагандан кийин, Келгинбай карыя өз жеринин бир татым тузун таңдайына салып акырет кетишинин сыры эмнеде?
2. Аъгеменин дал ушундай бүтүшү боюнча силердин оюъар кандай?
3. Келгинбайдын: «Мен көргөн кордугума ызаланбадым, элден, жерден адашып калганыма ызаландым» деген сөздөрүнүн маанисин кандай түшүндүъөр?
4. Чыгарманын негизги идеясы эмнеде экен? Чыгарманы аңгеме-трагедия дешке болобу?
5. Окуя силер күткөндөй аяктадыбы?
6. Эгер сиз жазуучунун ордунда болсоъуз аңгемени кандай аяктайт элеңиз?

**Артка кайтуу баскычында**

«Мекендин татым тузунун сыры» деген темада 10 мүнөттүк эссе жазышат. Башкарып окутуу стратегиясынын артыкчылыгы окуучулар аңгемени толук окушуп, көркөм адабий чыгармаларды түшүнүп окууга кызыгуусу артат. Көтөрүлгөн проблема жазуучу тарабынан кандай чечилишин окуучу чыгарманы бөлүктөргө бөлүп окуу менен акырындап түшүнө баштайт.

## АЛДЫН АЛА АЙТУУ СХЕМАСЫ

Өтүлө турган чыгарманын мазмунун таяныч түшүнүктөрдүн негизинде алдын ала айтуу окуучулардын анализдөө, корутундулоо, салыштыруу көндүмдөрүн өнүктүрөт. Божомолдоо таблицасы деп аталган стратегия төмөнкүдөй кадамдар менен ишке ашырылат:

- текстти белгилүү бир бөлүккө чейин окуу, андан соъ окуянын андан ары эмне боло тургандыгын божомолдоп, алдын ала айтуу;
- текстке таянуу менен өз оюн далилдөө, таблицаны толтуруу;
-чыгарманы токтогон жерден улантып окуу жана автордун ою менен өз оюн салыштыруу;

Аталган стратегия таблицанын жардамы менен аткарылып, окуучулар жубу менен же топтордо иштөө менен биргеликте толтурушат. 5-класста өтүлүүчү «Акылдуу дыйкан» аттуу жомокту алдын ала айтуу схемесы менен окуганыбызда адабий көркөм дүйнөгө жаңыдан жетеленип келе жаткан балдар үчүн кыйла кызыктуу өтөт.

Сабактын чакыруу баскычында мугалим жомоктун мазмунуна шайкеш келген 4 же 5 негизги таяныч сөздөрдү доскага жазып, берилген түшүнүктү катыштырып, текст (аъгеме, эссе, жомок, ыр) жазуу тапшырмасы берилет.

1. Акыл
2. Дыйкан
3. Хан
4. Акмак
5. Сөздүн күчү

Белгиленген убакыт бүткөндөн кийин таяныч сөздөрдүн негизинде жазылган окуучулардын иштери талкууга алынып, каалоочулар болсо жазгандарын окуп беришет.

Түшүнүү баскычында жомок тынымдар менен окулат. Ар бир тынымдар окулуп бүткөндөн кийин алдын ала айтуу схемасынын таблицасы толтурулуп турат.

Таблицанын үлгүсү төмөндөгүдөй формада:

| Силер кандай деп ойлойсуъар? Мындан ары эмне болот? | Кандай далилдер бар? | Чындыгында эмне болду? |
|---|---|---|
| | | |
| | | |

**Акылдуу дыйкан**

Бар экен, жок экен, байыркы-байыркы өткөн заманда бир кыйшык ооз эселек хан болгон экен. Артын ойлобой иштеген ишинен, анын айткан сёзүнөн эч натыйжа чыкчу эмес экен. Бирок эси жок болсо да ханыбыз деп, эл ага баш ийишчү экен.

Кыргыз элиндеги «Оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн» деген макал ошондон улам айтылып калган дешет.

Хан бир күнү иштерге иши жок, саларга кушу жок, эсирип отуруп, шашылыш түрдө жигиттерин чакыртып, эки жигитине:

- Силер азыр баргыла да, мага акмакты таап, алып келгиле, - деп буйрук берди.

Айла канча, хан буйругу эки эмес, акмакты таап келиш үчүн ал эки жигит жөнөп кетти.

Мындай чыкканда, жигиттердин бирөө:

-Мына, эми бизди мээнет анык чырмабадыбы! Акмакты эми кайдан таптык! Аны таппай барсак, башыбыз алынат,- деди.

-Ой сен да бир жеткен келесоо көрүнөсүң! Ким деп, киши тандап отурмак белек. Биринчи эле жолуккан кишини жетелеп барабыз. Хан чакырат дегенче, барбай турган эрки барбы,-деди экинчи жигит.

Алар келе жатып, карагай сүйрөтүп бара жаткан бир кишиге жолугушту да:

-Карагайыңды таштап, ханга жүргүн, сени хан чакырып жатат, -дешти.

Ал киши жүрөгү шуу дей түштү да:

-Токтоңуздар, карагайымды үйүмө жеткизип коюп, анан барайын. Хан мени эмне жумуштап чакырды экен? −деп элтеңдеп калды.

-Сен да бир кызык киши экенсиң. Эмнеге чакыргандыгы жөнүндө сенин ишиң эмне. Хан акмакты таап кел деген. Жүр дегенде жүрбөйсүңбү деп, жигиттер шаштыра баштады.

-Жок, жигиттер, карагайды атайын тоодон мээнет кылып алып келе жатып, жолго таштап, баса бергидей мен акмак эмесмин, - деп ал киши кетип калды…

Окуучулар жомоктун биринчи тынымга чейинки бөлүгүн башкача айтканда башын окуп чыккандан кийин алдын ала айтуу схемасынын таблицасынын 1-2-графаларын толтурушат. 3-графа кийинки тыным окулгандан кийин толтурулат.

| Силер кандай деп ойлойсуъар? Мындан ары эмне болот? | Кандай далилдер бар? | Чындыгында эмне болду? |
|---|---|---|
| Жигиттер акмакты таба алышпай, хандын каарынан коркуп качып кетишет. | Эгер алар качып кетпесе, эси жок хан алардын башын алмак. «Мен акмакмын» деп эч ким айтпайт. | |

**Биринчи тыным:**

-Иштин жөнүн айтып отурганда болбойт экен. Эми кезиккен эле кишини зордоп алып кетели,-дешти.

Алар келе жатып, жолдон жер айдап жүргөн бир дыйканга келишти да:

-Ой, дыйкан, жүр ханга, -деди.

Анда дыйкан туруп:

-Минтип эмгек кайнап турган мезгилде, эмнеге барам?-деди.

-Көп сүйлөбөй жүр дегенде жүрүгүн. Хан акмакты таап кел деген. Сен акмак экенсиң,-деди.

Жигиттерге дыйкандын ачуусу келип:

-Силер үчүн акмакты сээп койгон киши жок. Көзүмө көрүнбөй жоголгула, -деди.

-Андай болсо, сен акмакты таап бергин-деп, эки жигит дыйканды туткактап коё бербеди.

-Мени кое бергиле. Күн ысып бара жатат. Жер кургай электе айдоомду бүтүрүп алайын,-деди дыйкан.

Анда жигиттер:

-Жок, болбойт. Же өзүъ ханга жүргүн, же бизге акмактын ким экенин айтып бергин. Баарыңар эле акмак эмеспиз дейсиъер, кимиъер акмак экениъерди биз кайдан билебиз, - деп дыйканды коё бербеди.

Дыйкан анда:

-Макул эмесе, мен акмакты айтып берейин, коё бергиле –деди.

Жигиттер батыраак айт деп шаштырышты. Дыйкан ойлонуп туруп:

-Акмакты таап кел деген хандын өзү акмак, же акмакты издеп жүргөн экөөң акмаксың. Мындан артык акмакты дүйнө жүзүнөн таппайсыңар, -деди.

Жигиттердин ачуусу келип:

-Сен ханга сөз тийгиздиъ, барып айтабыз,- деди.

Дыйкан анда:

-Бир айтмактан миң айткын, деги ушуну ханга угузуп айтсаңар экен,- деди.

Эки жигит келип кабар кылышты

| Силер кандай деп ойлойсуңар? Мындан ары эмне болот? | Кандай далилдер бар? | Чындыгында эмне болду? |
|---|---|---|
| | | Карагай көтөрүп келе жаткан адам «Мен акмак эмесмин», - деп кетип калды. |
| Дыйкан акмакты таап берип, жигиттер ханга алып барышат. Ханга сөз тийгизгендиги үчүн дыйкандын башы алынат. | Жигиттер ханга айтып келишет. Ханга сөз тийгиздиң деп жигиттер ачууланышат. | |

**Экинчи тыным:**

-Ошол дыйкандын колу-бутун байлап, мага алып келгиле!-деп хан буйрук берди.

Дыйкан хандын астына келип отурду. Хан дыйканды кекетип:

-Менин акмак экенимди сен билген экенсиң, билгич болсоң, Кудай кайсыл жерде турат, айтчы,-деди.

-Ханым, мен ушул кебетем менен ханга акыл үйрөтүп, Кудайдын кайсы жерде турганын айтсам, кусур уруп кетет. Сиз менин кийимимди кийип, кечирим сурап тизелеп туруңуз, мен сиздин кийимиңизди кийип, тагыңызга отуруп, хан болуп туруп айтайын. Болбосо, ушул кейипим менен кантип айтам, -деди.

Хан макул болуп, кийимин чечип берди да, өзү айыптуу киши болуп тизелеп отурду.

Дыйкан хандын кийимин кийип, тагына отуруп, жигиттерди чакырды.

- Ушул убакка чейин акмакты таппай жүрөсүъөр. Мындан артык акмак болчу беле алып барып, акмактын башын кескиле! – деди.

Көпкөн жигиттер башка сөздү уксунбу, ханды желкелеп барып башын кесип, кумардан чыгышты.

«Ойлобой сүйлөгөн оорубай өлөт» деген эл макалындагыдай, элдин башын айлантхан эси жок хандын башы кесилип, дыйкан элине хан болуп, акыл менен журт сурап, өзү да жыргап, эли да жыргап-куунап жатып калган экен [8, 15].

| Силер кандай деп ойлойсуңар? Мындан ары эмне болот? | Кандай далилдер бар? | Чындыгында эмне болду? |
|---|---|---|
| | | Элдин башын айлант-кан акмак хандын башы кесилип, акылдуу дыйкан хан болот. |

Ойлонуу баскычында окуучулар хан менен дыйкандын кылган иши менен сүйлөгөн сөзүндө кандай айырма бар экендигин салыштырышат. Чындыкты кандай адам бетке айта алаарын ойлонушат. Алдын ала айтуу схемасын аткарууда окуучулардын тапкычтыгы, көркөм ойлоо чеберчилиги, көркөм сөз каражаттарын колдоно билүүсү, жазуу чеберчилиги артып, кеп маданияты өсүп, ойлонуп сүйлөө көндүмдөрү калыптанат. Таблица толтурулгандан кийин мугалим сабактын чакыруу баскычында 5 таяныч сөздүн негизинде түзгөн тексттери менен жомокту салыштырып көрүүсүн талап кылат.

«Ойлобой сүйлөгөн оорубай өлөт», «Акыл айга жеткирет», «Акылдуу болсоъ озосуң, акылсыз болсоң тозосуң» деген макалдардын жомок менен байланышын, 3 топко бөлүнүп иштөө жолу менен талкууланат. Ар бир топ өздөрүнө берилген макалдын маанисин жомоктон мисалдар менен далилдеп беришет. Мугалимдин жыйынтыктоо, баалоо, үйгө тапшырма берүүсү акырында жүргүзүлөт.

Окуучулардын билимин баалоодо мугалим төмөнкү критерийлерди эске алат:

- жомоктун мазмунун талдап , айтып бере билүүсү;
- активдүүлүгү;
- жолдошторунун пикирин уга билүүсү, баалоосу.

## ЧАТАШКАН ЛОГИКАЛЫК ЧЫНЖЫРЛАР

Бул ыкма адабиятты окутуунун бардык баскычында колдонулуп, көркөм чыгармаларды терең өздөштүрүүгө көмөк берет. Окуучулардын көз алдына чыгарма көркөм образдуу тартылып, чаташкан ойлорду хронологиялык тартипте жайгаштыруу менен жаъы маалымат эсинде узакка сакталат. Чаташкан логикалык чынжырларды жайгаштырууда окуучулар же студенттер талашып-тартышып, дискуссия жүргүзүшөт. Талашып-тартышууда ой жүгүртүүнүн логикалуулугу, сылыктык сакталып, темадан алыстабоо керек. Ошондой эле текеберчиликтен алыс болуп, жолдошун жеңүүгө эмес, чындыкка кам көрсө, кадыр-баркы артып, урмат- сыйга татыктуу болот.

Тексттин жалпы мазмунуна карата беш же алты окуя, же окуянын себеби ар башка барактарга жазылып, доскага илинет. Сабактын чакыруу баскычында мугалим текстке байланыштуу окуяларды чаташтырып окуучуларга сунуштайт. Окуучулар чаташкан логикалык чынжырларды топто иштөө менен билишинче ырааттуу жайгаштырат. Мугалим студенттердин же окуучулардын билим деъгээлин, мүнөзүн, темпераментин эске алуу менен топторго бөлүштүрүшү керек. Топтордо иштөө көпчүлүк учурда кыйла эффективдүү болору практика жүзүндө айгинеленип келет. Кичи топтордо ийгиликтүү иш жүргөндө балдардын өзүнө ишеними артып, жеке иштеп кете алышат. Ар бир топ өздөрү туура деп эсептеген вариантын жактап беришет.

Окуучулар биргеликте иш жүргүзгөндө бири-бири менен баарлашып, өз көз карашын далилдеп көрсөтүүгө канығышат, ошондой эле ар бир адамдын ой-пикири баалуу экендигин түшүнүшүп, сабырдуу болууга үйрөнүшөт.

Тамсил, жомок, акындардын ырлары, аъгемелерди чаташкан логикалык чынжырлардын жардамы менен өтүү кыйла кызыктуу болуп, окуучулардын чыгарма жаратууга ышкысын ойготот. Казак элинин «Жакшылык менен жамандык» деген жомогуна төмөндөгүдөй чаташкан логикалык чынжырлар түзүлөт.

1. Арстан, карышкыр, түлкү- үчөө көргөн- билгендерин айтышат.
2. Сен жамандык издеген менен, мен сага жакшылык кылайын.
3. Жамандык жамандыгынан ит-кушка жем болуптур.
4. Жакшылык чарчап, арып -ачып кечке жакын бир кепеге келет.
5. Жакшылык алардын бардык аъгемелерин угуп алат.
6. Жамандык жөө жүрүп келе жатса, артынан атчан жакшылык келет.

Текст менен таанышуу сабактын түшүнүү баскычында ишке ашып, окуучулар чыгарманын түп нускасын мугалимдин көркөм окуусунда угушат. Көпчүлүк учурларда өз алдынча окуп чыгуулары сунушталат.

Чаташкан логикалык чынжырлар ыкмасын терең түшүнүү максатында «Жакшылык менен жамандык» деген казак элинин жомогун сунуштайбыз:

**Жакшылык менен Жамандык**

Мурунку өткөн заманда Жакшылык, Жамандык аттуу эки адам болуптур. Бир күнү Жамандык жөө жүрүп келе жатса, артынан бир аттуу киши жетиптир. Экөө жөн сурашып, кайда бара жатканын билишет. Ал келген Жакшылык экен.

Ошондо Жамандык туруп:

- Жакшылык, сен мени учкаштыра кетчи,- дептир. Жакшылык:

- Андай болсо, сен азыр атка мин да, бир аз жол жүрүп бар да, аттан түшүп, байлап коюп, өзүң жөө кете бер. Андан соъ мен жетип, атчан бир аз жерге жүрүп, сага дагы байлап кетемин. Ошентип, барар жерибизге кезек менен минип жетелик. Экөөбүз учкашсак, атка кыйын болор,- дептир.

Андан соъ Жамандык атка минип алып, ошол кеткен боюнча Жакшылыкты оюна албай, кете бериптир. Жакшылык чарчап, арып-ачып, кечке жакын бир кепеге келет. Ичине кирсе, жан жок. Бирок ортодо бир казан асылуу туруптур. «Ай талаада кайнап турган не тамак? Даам татайын»,- деп бир манжасынын учун батырып, даам татат да, кепенин төбөсүнө чыгып жатат.

Бир убакта карышкыр, түлкү, арстан – үчөө келип, кепеге кирет. Түлкү тамакты көрө сала:

- Капырай, бул тамакты бирөө жептир!- деп айгайлайт. Карышкыр менен арстан экөө:

- Ким жемек эле? Адам келе турган жерби бул жер?- деп кекирейген соъ, түлкү аңгемени буруп, үчөө отуруп тамак ичип, сөзгө киришет. Арстан, карышкыр, түлкү – үчөө көргөн-билгендерин айтышат. Арстан менен карышкыр түлкүгө:

- Түлкү, сен эмне көрдүъ, эмне угуп, эмне билдиъ?-дейт. Анда түлкү туруп:

- Мен бир жерден алтын көрдүм. Баланча деген байдын кыштоосунун кашындагы жаман кыштоонун ортосунда, бир сөөм жердин астында жаткан бир кумура алтынды күндө бакмалап, карап келемин,-дейт. Анда карышкыр туруп:

- Мен күндө балан деген байдын коюнун арасында чоъ ала токтуну бакмалап келемин. Себеби: ал байдын ооруп жаткан кызы бар, кандай эм кылса да айыкпайт жана анын эмин эч ким билбейт. Бирок мен билемин: ал кызды айыктыра турган – ала токту. Ала токтуну союп, өпкөсүн жегизсе, жазылат. Дагы да ал бай жар салган: «Кимде ким ушу кызымды эмдеп жазса, ага кызымды беремин», - деп. Бирок анын эмин али эч ким таап айта албайт, - дейт.

Кезек келген соң, арстан туруп:

- Мен да түндө барып, Түкүнчө байдын жылкысынын бирөөнү жеп келип жүрөм. Ал бай мени эч убакта кармай албайт жана маган анын эч бир жылкысы кууп жете албайт. Ал тай балан токойдогу жылкынын ичинде. Ошол тайдан башкасынан мен кутулуп кетемин. Жана ал байдын жар салганы бар: «Кимде ким менин жылкымды жеп жүргөн арстанды кармап берсе, ага бир үйүр жылкымды беремин»,- деп. Алар аъгемелерин аяктап, уктап калат да, азандан туруп, бет-бетинче кетет.

Жакшылык алардын бардык аъгемелерин угуп алып, адам эмдөөчү болуп, байдыкына келет. Бай анын түрүнө карап: «Ушул эмчи чыгар»,- деп ойлоп:

- Жогору чык! – дейт. Жакшылык отурган соъ, бай:

- Кызыма бал ачып бер!- дейт. Жакшылык кызды карап:

-Баланы эмдетпей, бекер кыйнапсыъар! Апкел алиги ала токтуну, мунун оорусунун эми ошонун өпкөсүндө,- дейт. Бай дароо койчуларды жиберип, токтуну алдырат. Жакшылык кызга токтунун этин жегизип, эмдейт. Жазылган соң, кызды өзү алат.

Мындан кийин Жакшылык баягы жаман кыштоого келет. Короонун ортосун бир сөөмдөй казса, бир кумара алтын чыгат. Аны алып, арстандын айткан жерине барат. Барса, бай бир арстанды кармай албай жүргөн экен. Муну билген соң, Жакшылык байга:

- Мен ушул арстанды кармап берсем, сен мага эмне бересиң?- дейт. Бай:

- Эгер кармап берсең, сага бир үйүр жылкы берем,- дейт. Жакшылык: «Жарайт», - деп токойдогу жылкылардын ичинен ала тайды кармап алып, арстанды күтүп турат. Арстан келип, жылкыны алып кача бергенде, Жакшылык алиги ала тай менен кууп жетип, арстанды уруп жыгып, байдын бир үйүр жылкысын алып, келген жолуна түшөт.

Нече ай, нече жылдар өткөндө, бир күнү буга Жамандык келиптир. Жакшылык Жамандыкка караса, үстү башы абдан жүдөгөн, кайырчы, думана шекилдүү экен. Ал Жакшылыкты көрүп:

- Жакшылыкжан, мен сага жамандык кыламын деп, мындай күнгө учурадым. Эми сен мени адам кыл. Сен бул мал-мүлктөрдү кай жактан таптыъ?- дейт. Ошондо Жакшылык:

- Не болсо да адамзатсың го. Сен жамандык издеген менен, мен сага жакшылык иштейин, - деп өзүнүн баштан кечкен окуясын айтат. Ошондон соъ туруп:

- Баланча дөбөдө бир үй бар. Сен азыр ошого жет. Ошонун ичинде асылуу бир казан эт бар. Бирок анын ичиндеги эттен тек бир манжаъды батырып, даамын көр да, үйдүн төбөсүнө чыгып жат. Ошондо түлкү, карышкыр, арстан келет. Сен алардын аъгемесин тыъдай бер. Алар кеткенден кийин уккан сөздөрүңдү иштесең, сен да ушундай болосуң,- дейт.

Жамандык: «Жарайт»,- дейт да, баягы кепеге барып кирет.

Жакшылык айткандай, казан толо эт асылуу турган экен, кызыгып кетип, чыдай албай: «Мына бир жилигин жейинчи»,- деп эттен жеп, үйдүн төбөсүнө чыгып жатат. Бир убакта түлкү, арстан, карышкыр – үчөө кепеге кирет. Түлкү тамакты көрө сала:

- Капырай, мына бу эттин бир жилиги жок, омурткасы жок, сорпосу жок, бирөө жептир!- дейт. Ага арстан менен карышкыр:

- Ким жемек эле? Бул жерге адам келчү беле? – деп көнбөйт.

- Жок! Бир балээ бар! Мен түш көрөйүнчү,- деп, түлкү жата калыптыр. Аздан соң кайта туруп:

- Ушу кепенин үстүнө чыгалычы, ошондо бир балээ бар шекилдүү,- дейт. Бул сөзүн карышкыр менен арстан да макул көрүп, түлкү төбөгө чыкса, Жамандык жаткан экен. Жамандыкты үчөө жеп салышат. Ошентип, Жакшылык жакшылыгынан өмүр сүрүп, мурат-максатына жетиптир. Жамандык жамандыгынан ит-кушка жем болуптур [7, 82].

Бул ыкманын дагы бир артыкчылыгы окуучулар жоопкерчиликтүү болуп, эркин, көз карандысыз, чыгармачыл адам болуп калыптанышат. Текст менен таанышкандан кийин чакыруу баскычындагы чаташкан ойлор боюнча түзгөн хронология менен салыштырып, туура же туура эмес экендигине ишенишет. Алдыда окула турган тексттин мазмунуна байланышкан чаташкан сүйлөмдөрдү айкалыштырып, жайгаштыра алышы турмуш сабактарына жараша да болот. Чыгарманы толук окуп, түшүнгөн соъ, өз тажрыйбасын тексттегиге салыштырат. (Туура жообу: 6, 4, 1, 5, 2, 3)

Сабактын ойлонуу баскычында проблемалык суроолорду берүү аркылуу окуучулардын ак-караны ажырата билүүсүнө, ой жүгүртүүсүнө, жамандык менен жакшылыкка баа берүүсүнө шарт түзүлөт. Мисалы:

1. Жакшылык кылган адамдардын бардыгы өз максатына жетеби? Турмуштан мисал келтире аласыңбы?
2. Жамандык кылган адамга жакшылык жасаса, адилеттүүлүккө жатабы?
3. «Жакшылыкка жакшылык ар кишинин иши, жамандыкка жакшылык эр кишинин иши» деген макалдын мааниси жомоктун мазмунуна шайкеш келеби?
4. Эгер сен Жакшылыктын ордунда болсоң, Жамандыкка кандай мамиле кылат элең?
5. Бүгүнкү күндө адамдар жамандыкка жакшылык жасай алышабы?

Окуучулардын көз карашы, түшүнүгү ар түрдүщ болгондуктан, жооптор да бир кылка болбойт. Мугалим окуучулардын жеке пикирине өз көз карашын таңуулоодон алыс болушу керек. Окуучулардын алган билимин текшерүү, сабаттуулугун арттыруу максатында жазуу иштери да жүргүзүлөт.

«Жамандыкка жакшылык жасоо колумдан келеби?» деген темада эссе жазып же жомоктун мазмунуна карата сүрөт тартып келүүсүн үйгө тапшырма катары берсе болот. Сабакты жыйынтыктоодон кийин окуучулардын билими бааланат.

## КАЛТЫРЫЛГАН СӨЗДӨР

Калтырылган сөздөр стратегиясы мектепте адабиятты окутуунун бардык баскычтарында колдонууга эъ ылайыктуу. Калтырылган сөздөрдү жазуу менен окуучулардын сөз байлыгы артып, өздөрү дагы колуна калем кармап, чыгарма жазууга ынтызарланышат.

Чакыруу баскычында өтүлө турган текстке байланыштуу кыскача суроо-жооп  жүргүзүлөт. Ойлоп түшүнүү баскычында окуучуларга сөздөрү калтырылган текст таратылып берилет. Текстеги калтырылган сөдөр көп болсо, түшүнүксүз ал эми өтө аз болсо, абдан оъой болуп калат. Ошондуктан бир сүйлөмдөн окуучулардын жаш курагына, сүйлөмдөрдүн татаал, жөнөкөйүнө карата 1 же 2 сөз калтыруу ылайык. Белгилүү бир убакыттын ичинде окуучулар жубу менен калтырылган сөздөрдү жазып чыгат. Жубу менен же топ менен иштөө көркөм ойлоосу начар балдар үчүн кызыктуу болуп, бардыгы ишке тартылат. Тийиштүү убакыт бүткөндөн кийин окуучулар жазгандарын окуп беришет. Андан соъ мугалим тексттин оригиналы менен тааныштырат. Окуучулар өз жазгандары менен салыштырып, чыгарманы окууга кызыгуулары арта баштайт.

Калтырылган сөздөр стратегиясынын жардамы менен окутууда окуучулардын сөз байлыгы, логикалуу ойлоосу артып, тексттеги калтырылган сөздөрдүн дал өзүн таппаса да, ага жакын синоним сөздөрдү табуу аркылуу кыргыз тилинен алган билимдерин бышыкташат. Калтырылган сөздөр стратегиясы менен казак элинин «Зердели» деген жомогу адабиятты окутуунун ортоңку жана жогорку баскычында окутууну сунуштайбыз.

### Зердели
### (Казак эл жомогу)

Кайсы бир мезгилдерде Зердели деген чечен, билерман ….. болуптур. Күндөрдүн бир ….. Зердели бир топ жолдоштору менен жер кезип келе жатып, бир карыяга …… калышат. Саламдашып, жөн жай сурашкандан кийин карыя Зерделиге:

- Атаъ Казакбайды ….. элем. Атадан үч түрлүү бала туулат: бир бала атасынан аша …, бир бала атасына жете туулат, бир ….. бар, ал кедери кете туулат. Сен ошонун кайсынысы болосуъ? – деп сурайт.

Зердели:

- Ата, атамдан аша туулган …..  болорумду алдыдагы өнөрүм көрсөтөр,

кедери кете ….. деш сизге да, сиздин алдыъыздагы жолдошторума да өкүнүчтүү, ….. болор. Мен өзүмдү атама жете туулган баламын деп …., - дептир.

Карыя Зерделиге дагы бир …..узатат:

- Балам, калп менен чындын …….өлчөдүңбү?

- Өлчөдүм, …. менен чындын арасы төрт гана эли,- деп Зердели көз менен ….. аралыгын оң колунун төрт манжасы менен басып көрсөтөт.

Карыя:

- Балам, акыл кимден чыгат, асыл …. чыгат, канат эмнеден чыгат, жанат (кийим, тон) неден чыгат, санат …. чыгат, наадан неден чыгат, аны билдиңби?- дептир.

Анда Зердели:

- Акыл жаштан ….., асыл таштан ……, ынак болсо агайын бири куйрук, бири жал канат ошондон чыгат, кой терисин кордобо, жанат (кийим, тон) ошондон чыгат, калкы үчүн кары …. көрсө санат ошондон чыгат, өнөрсүз ……. боз бала наадан ошондон чыгат, - деп …. берет.

Карыя Зерделиге ….. болуп, үйүнөн даам сызып кетүүгө чакырат. Кымыз ….. отуруп, Зердели:

- Ата, экөөъүз кандай? – деп ….. Карыя:

- Экөөм, үчөө болду, - дептир.

-Алысыъыз менен кандайсыз? Жакыныъыз ……. кандайсыз?

-Жакыным ….. жоодой жакалашып, жамандарча найзалашам. Алысым араздашты.

-Таттууңуз …. кандайсыз?

-Балам, ай, таттуунун даамы ……. баштады, - дептир.

-Насыяъыз тиеби ата?-дептир Зердели.

Анда карыя:

- Жашымда берген насыям, картайгандагы …… экен, үй тигип, кымыз сапырып, отурганым ошонун аркасы, - дептир.

Карыя менен кош…….., Зердели жолдоштору менен ….. нары улайт. Жолдоштору Зерделиге:

- Карыя экөөндүн соңку кептериңдин ….. түшүнбөдүк, чечмелеп берчи,- деп өтүнүшөт.

Анда Зердели: - Экөөңүз ….. дегеним- эки аягыңыз кандай, өз алдыңызча жүрө аласызбы дегеним эле. Карыя:

«Эки ……бир таяк кошулуп, үчөө болдук», - деди. Алысыңыз менен кандайсыз дегеним – алыстагыны ….. аласызбы дегеним эле. Карыя: «Алысты көрө албай турган болдум», -деди. Жакыныңыз менен ………дегеним - тамак ……. кандай дегеним эле. Карыя:

«Ар жерде бирден гана тишим калды, ошону менен айланышып…… көрөм», -деди. Менин таттууңуз менен …… дегеним- уйкуңуз кандай дегеним эле. Карыя: «Уйкум азайды», - деп….. берди. Насыяъ тиеби дегеним- балдарыъ күтөбү, жашында сиз аларды багып -….. өстүрдүъүз эле, эми алар ошол эмгегиъиздин ….. кайтарып жатабы дегеним эле. Карыя: «Дурус ….. жакшы өстүргөн бала адамга картайганда бакыт экен. Балдарымдын кызыгын урмат ….. көрүп отурам», - деди.

Зерделинин жолдоштору буга өтө …… болушуп:

- Сен биз менен …… , бирок акылыъ, дааналыгың карыядан аша көрсөткөн табышкерлигиъ таъ калтырат, - дептир. Анда Зердели:

- Мен жаш болсом да, атам Казак көп жашады го ….. экен.

## Зердели (Жомоктун түп нускасы)
## (Казак эл жомогу)

Кайсы бир мезгилдерде Зердели деген чечен, билерман адам болуптур. Күндөрдүн бир күнүндө Зердели бир топ жолдоштору менен жер кезип келе жатып, бир карыяга кезигип калышат. Саламдашып, жөн жай сурашкандан кийин карыя Зерделиге:

- Атаъ Казакбайды билер элем. Атадан үч түрлүү бала туулат: бир бала атасынан аша туулат, бир бала атасына жете туулат, бир бала бар, ал кедери кете туулат. Сен ошонун кайсынысы болосуъ? – деп сурайт.

Зердели:

- Ата, атамдан аша туулган бала болорумду алдыдагы өнөрүм көрсөтөр, кедери кете туулдум деш сизге да, сиздин алдыъыздагы жолдошторума да өкүнүчтүү, иренжи болор. Мен өзүмдү атама жете туулган баламын деп ойлойм, -дептир.

Карыя Зерделиге дагы бир суроо узатат:

- Балам, калп менен чындын арасын өлчөдүъбү?

-Өлчөдүм, калп менен чындын арасы төрт гана эли,- деп Зердели көз менен кулактын аралыгын оң колунун төрт манжасы менен басып көрсөтөт.

Карыя:

- Балам, акыл кимден чыгат, асыл неден чыгат, канат эмнеден чыгат, жанат (кийим, тон) неден чыгат, санат неден чыгат, наадан неден чыгат, аны билдиңби?- дептир.

Анда Зердели:

- Акыл жаштан чыгат, асыл таштан чыгат, ынак болсо агайын бири куйрук, бири жал канат ошондон чыгат, кой терисин кордобо, жанат (кийим, тон) ошондон чыгат, калкы үчүн кары кам көрсө санат ошондон чыгат, өнөрсүз болсо боз бала наадан ошондон чыгат, - деп жооп берет.

Карыя Зерделиге ыраазы болуп, үйүнөн даам сызып кетүүгө чакырат.

Кымыз ичип отуруп, Зердели:

- Ата, экөөңүз кандай? – деп сурайт. Карыя:

- Экөөм, үчөө болду, - дептир.

-Алысыңыз менен кандайсыз? Жакыныңыз менен кандайсыз?

-Жакыным менен жоодой жакалашып, жамандарча найзалашам. Алысым араздашты.

-Таттуңуз менен кандайсыз?

-Балам, ай, таттуунун даамы азая баштады, -дептир.

-Насыяңыз тиеби ата?-дептир Зердели.

Анда карыя:

- Жашымда берген насыям, картайгандагы насибим экен, үй тигип, кымыз сапырып, отурганым ошонун аркасы, - дептир.

Карыя менен кош айтышып, Зердели жолдоштору менен сапарын нары улайт. Жолдоштору Зерделиге:

- Карыя экөөңдүн соъку кептериңдин маанисин түшүнбөдүк, чечмелеп берчи,- деп өтүнүшөт.

Анда Зердели: - Экөөңүз кандай дегеним- эки аягыңыз кандай, өз алдыъызча жүрө аласызбы дегеним эле. Карыя:

«Эки бутума бир таяк кошулуп, үчөө болдук», - деди. Алысыъыз менен кандайсыз дегеним – алыстагыны көрө аласызбы дегеним эле. Карыя: «Алысты көрө албай турган болдум», -деди. Жакыныъыз менен кандайсыз дегеним- тамак ичип жешиъиз кандай дегеним эле. Карыя:

«Ар жерде бирден гана тишим калды, ошону менен айланышып күн көрөм», -деди. Менин таттууңуз менен кандайсыз дегеним- уйкуңуз кандай дегеним эле. Карыя: «Уйкум азайды», - деп жооп берди. Насыяң тиеби дегеним- балдарың күтөбү, жашында сиз аларды багып -кагып өстүрдүңүз эле, эми алар ошол эмгегиңиздин акыбетин кайтарып жатабы дегеним эле. Карыя: «Дурус тарбиялап жакшы өстүргөн бала адамга картайганда бакыт экен. Балдарымдын кызыгын урмат сыйын көрүп отурам», - деди.

Зерделинин жолдоштору буга өтө ыраазы болушуп:

- Сен биз менен курдашсың, бирок акылың, дааналыгың карыядан аша көрсөткөн табышкерлигиң таң калтырат, - дептир. Анда Зердели:

- Мен жаш болсом да, атам Казак көп жашады го деген экен.

## ОЙЛОНО БИЛГЕНДЕР СУРОО ДА БЕРЕ БИЛИШЕТ

«Сурай-сурай Меккеге барат» деген элдик макалдын мааниси тереңде жатат. Мугалимдер кесиптик өнүгүүнүн үстүндө болуп, билбегенин сурап,

тажрыйбалуу мугалимдердин педагогикалык ишмердүүлүгүнөн таасир алганда гана кесиптик кубаты артат.

«Мыкты мугалим болуш үчүн кандай сапат керек?

- Өзүнүн окуткан сабагын ийне-жибине чейин терең билүү анан таза жүрөк», - деп Д.Дидро белгилегендей, окуучуларга терең сапаттуу билим берүү үчүн эъ алгач окутуучу чын дилинен өз кесибин сүйүп, изденип, сурап окуганда гана окуунун сапаты жакшырат.

«Жакшы суроо дегенибиз - бул мүмкүн болгон альтернативалар үчүн болушунча кеңири мейкиндикке жол көрсөтөт; жаъы маалыматтарды алуу, билген маалыматты тактоо, сөздү башка темага буруу, жоопко түрткү берүү, өзүнүн ой-пикирин, баасын, көз карашын көрсөтүү; маектештин акыл-эсин жана көъүл маанайынын белгисин бир нукка салуу», - деп психолог В.М.Снетков суроого таасын аныктама берген. Адам баласынын аъ - сезиминин өсүшүндө, интеллектуалдык жактан өнүгүшүндө суроонун чоъ мааниси бар. Жаъыдан турмушту таанып келе жаткан наристе бала да «Ал эмне?», «Эмнеге учат?», «Эмнеге көк?», «Эмне үчүн таттуу?» деген сыяктуу түгөнбөгөн суроолорду берүү аркылуу белгисиздиктен белгилүүлүккө, жагдайды түшүнүүгө көзү ачылат.

«Ойлоно билгендер суроо да бере билишет» деп айтылган пикир чындыгында негиздүү айтылган. Кесиптик тажрыйбамдан улам мен дагы мектепте иштеп жүргөнүмдө окуучулардын суроолорунан улам, алардын ой жүгүртүүлөрүнүн тереңдигин баамдар элем. Үйрөнүүгө, билүүгө кызыккан студент же окуучу суроо берүүдөн улам билими, түшүнүгү тереңдейт.

Мугалим берген суроолор окутуунун максаты менен байланышып, төмөнкүдөй багытта берилет:

1. **Эске тутууну текшерүүчү суроолор**. Бул өңүттө берилген суроонун негизги максаты маалыматты канчалык деъгээлде эстеп калгандыгын текшерүү болуп саналат.

2. **Түшүнүүсүн текшерүүчү суроолор**. Окуучу маалыматты кайрадан өз сөзү менен ыраттуу, так айтып бере алышын, таанып билүүсүн текшерүү максатында берилет.

3. **Пайдалана билүүчү суроолор**. Теориялык алган билимдерин турмушунда колдоно билүүсүн тактоо максатында берилет. Бул эске тутуусун жана түшүнүүсүн текшерүү үчүн берилген суроолорго карганда кыйла татаалырак.

4. **Талдоочу суроолор**. Мындай суроолор чыгарманын идеясын, образдар системасын ж.б компоненттерин анализдеп, аларды талдай билүүсүн текшерүүчү суроолор.

5. **Синтездөөчү суроолор**. Синтездөөчү суроолор чыгармачыл мүнөздө болуп, окуучу маалыматты дараметине жараша өз алдынча жаңыча иштеп чыгат.

Жогорудагы суроолорго жооп берүү менен, окуучулар маалыматтар жөнүндө ой жүгүртүп, баштапкы билгендерин жаңы маалыматтар менен интеграциялап, өз сөзү менен баяндап, түшүнүгү тереңдейт. Суроолорго дайыма эле жооптор даяр болбойт. Мындай учурларда окуучуну күнөөлөгөн туура эмес. Жаңы маалыматты алган студентте же окуучуда проблемалар пайда болбой койбойт. Ал проблеманы чечип, жол таба билүү үчүн суроолор жаралып, жооптор алынганда гана коомдогу кыйынчылыктарды жеңүүгө жолу ачылат.

Америкалык белгилүү психолог жана педагог Бенджамин Блумдун таанып-билүү ишмердигинин таксономиясына негизделип түзүлгөн суроолор системасы кыйла таасирдүү болгондуктан, «Блумдун таажы гүлү» деп аталган бул ыкманы сунуштоону туура көрдүк. «Блум» деген сөз немец тилинен которгондо «гүл» деген маанини түшүндүрөөрүн эске алсак, «Блумдун таажы гүлү» деп аталышынын өзү да мааниси жактан шайкеш келет. Гүлдүн таажыларына 6 түрлүү ар башка маанидеги суроолор жазылат.

1. **Жөнөкөй суроолор**. Мындай типтеги суроолор фактыны, жылды атап, маалыматты эске түшүрүү максатында берилет.

2. **Тактоочу суроолор**. Чыгармадагы окуянын эстей албай, унутуп калган жагдайларын тактоо ирээтинде берилет.

3. **Чечмелөөчү суроолор**. Чыгармадагы түйүндүү окуяларды чечмелөө үчүн берилет.

4. **Чыгармачыл суроолор**. Мындай суроолор чыгарманын автору болсо, окуяны кандай аяктаар элең деген мааниде берилип, окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүүгө көмөк көрсөтөт.

5. **Практикалык суроолор**. Теориялык алган билимдерин практикада колдонушуп, чыгарманы турмуштук окуяларга салыштыруу, байланыштыруу жаатында түшүнбөстүктөн чыккан суроолор эсептелет.

6. **Баалоочу суроолор**. Чыгармадагы окуяларга, көрүнүштөргө баа бере билүү жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу максатында берилет.

Мектепте адабиятты окутуунун жогорку баскычында 11-класста заманыбыздын залкар жазуучусу Ч.Айтматовдун өмүрү, чыгармачылыгын окутууга кеъири саат бөлүнгөн. «Блумдун таажы гүлү» ыкмасын Ч.Айтматовдун «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» повестинин негизинде окуучулардын түшүнүгүн текшерүү максатында суроолордун түрлөрүн сунуштайбыз.

«Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» повести 1977-жылы жарыяланган. «Барыбыз бир кайыктабыз – а сыртта аалам чексиздиги»,- деп Ч.Айтматов жер шаарындагы глобалдык адам жана табият, адам жана ааламат, кырсык алдындагы адамдын адамдыгы, улуулугу проблемасын метафоралык формада чагылдырган. Повесть 1980-жылы Италиянын «Этрурия»

сыйлыгын алган. Ош драма театры (реж. И. Рыскулов) 1982-жылы Тбилисиде өткөн Бүткүл союздук конкурста лауреаттыкка ээ болгон. 1983-жылы Якутияда повесттин негизинде «Эңсеген менин көк жээгим» деген спектакль ийгиликтүү коюлган. Аталган спектакль 1988-жылы Кыргызстанда өткөн Бүткүл союздук «Айтматов жана театр» фестивалында көрүүчүлөргө ырахат тарттуулаган.

**1. Жөнөкөй суроолор.**

А) «Деъиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» повести кай жерде жашаган, кайсы элдин турмушу жөнүндө жазылган.

Б) Охот деъизинин жээгинде жашаган аз сандуу нивх элинин жазуучусу, окумуштуусу, фольклористи Владимир Сангиге Ч.Айтматов кайсы чыгармасын арнаган?

**2. Тактоочу суроолор:**

А) Ала-Дөбөттүн жакасын жайлаган Айым-Балыктын журтунун аксакалы Орган карыя, Мылгун аке, Эмрайн атасы жаш бала Кирискени алгач деъизге кандай максат менен алып чыкты?

Б) Деъиз бетинде, суу үстүндө бары теъ улууга баш ийет. Көсөм карыя Орган эмне десе, ошо болот. Баласы атасына арызданмай жок. Бул салттын мааниси эмнеде?

**3. Чечмелөөчү суроолор:**

А) Уулу Кирискти деъиз сапарына узатып чыккан апасы эмне үчүн атайылап үн чыгарып: «Барагой, токойго барагой, байка отунуъ кургак болсун, өзүъ адашып кетпе», - деп деъиз жакты карабай, тоо боорундагы токойду карап туруп айтты.

Б) Деъизде, кайыкта жалгыз калган бала ою онго, санаасы санга бөлүнүп: «Кайсы бириъ мени сактаган жылдыз болдуъ экен? Кайсыныъ Орган аткычхтын, кайсыныъ Мылгун акемин, кайсыныъ менин атам Эмрайындын жылдызысыъар. Мен жалгыз калдым. Бирок эми коркпоймун, анткени силерди көрүп турам», деп жылдыздарга ишенгенин чечмелеп бергиле? Жылдыздар алдабайт дегенге ишенесиъерби?

**4. Чыгармачыл суроолор:**

А) Кириск деңиз кыйырынан аман-эсен кайтып келгенден кийинки турмушун жазуучунун ордунда болсоңор кандай улантып жазат элеңер?

Б) «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөтүм»,
Кыйын жолдон жалгыз кайттым мен өзүм,
Жанымда жок Орган кары чоң атам.

Жанымда жок Эмрайын өз атам,
Жанымда жок Мылгун акем карасам,-
Ал үчөөнүн айтам жайын сурасаң,

Обол суу бер, чаңкап өлүп келатам…-деп, Кириск өмүр бою ырдап жүрчү төл башы ырындагы трагедиялык доошуна ой толгооң кандай?

**5. Практикалык суроолор:**

А) Үч чадам Орган карыя, Мылгун аке, Эмрайын өз өмүрүнүн наркы менен баланы сактап калышты. Баланы жалгыз таштап, кароосуз калтырышы сактап калуубу, же тукум улантуубу?

Б) Эгер, силер үч адамдын ордунда болсоңор учу кыйырсыз деңиз үстүндө баланы жалгыз таштайт белеңер?

**6. Баалоочу суроолор:**

А) Орган чоң ата - Орган шамаалына, Мылгун аке – Мылгун толкунуна, Эмрайын ата - Эмрайын жылдызына айланып кетишин кандайча баалайсың?

Б) Шамаал, толкун, жылдыз баланын тирүү калышы үчүн кандай жардам берди?

В) «Эл камын жечү эр болгуң келсе, өнөр сырына жаш күнүңөн машык», деген сүйлөмдүн текст менен кандай байланышы бар?

Суроолордун жогорудагы түрлөрүнүн ичинен чыгармачыл жана практикалык суроолор адабиятты окутуунун алгачкы баскычында кыйынчылыктарды жаратат. Билим берүү процессинде окуучу билбегенин суроо аркылуу билим куржунун толуктайт «Акмактар менен алдамчылар гана баарын билет жана баарын түшүнөт», - деп орустун улуу акылман жазуучусу А.П.Чехов айткандай адам баласы бардык эле нерселерди терең өздөштүрүп кетүүсү мүмкүн эмес.

Ч.Айтматов «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» повестинде лувр өрдөгү жана Айым-Балык жөнүндөгү уламышка кайрылып, ал сюжетти зарылчылыгына карата айкалыштырып, көркөм система жараткан. Лувр өрдөгү жана Айым-Балык жөнүндөгү жомоктун негизги идеясы тукум улоо. Ал чыгармадагы жазуучу көтөргөн проблема адам жана жаратылыш, адам жана кырсык, адамдык касиет сапат, адамдын улуулугу менен кандай байланышаары сабакта талкууланат. Эки уламышты салыштырып, тукум улоонун зарылчылыгы барбы, тукум улоодогу бүгүнкү күндөгү көйгөйлөр (оору, кырсык, экология) проблемалык суроолор менен коштолуп талкууланат. Лувр өрдөгү жана Айым-Балык уламыштары менен таанышкандан кийин оор жана жеъил суроолор ыкмасын колдонобуз. Материал окулган соъ, 3 оор жана 3 жеъил суроо түзүү сунуш кылынат. Окуучуларды жандандыруу максатында мугалим жөнөкөй суроолорду

берип, акырында аларды кызыктырган, толгондурган үч адам өз өмүрүн кыйып баланы сактап калышын, «тукум улоо» деген улуу жөрөлгөнү, бүгүнкү күндөгү тукум улоо жөнүндө суроолор түзүлүп, кызыктуу талкуу жүргүзүлөт.

**Лувр өрдөгү жөнүндө уламыш**

Илгерки бир замандарда мунун баары башкача болгон имиш. Ошондо лувр өрдөк болбосо, дүйнө башкача жаралып, азыркыдай жер менен суу алпурушпай дүйнө башкача жаралып калмагы бу кезде эч кимдин капарына кирип чыкпайт. Андай болгондо кара жер менен суу минтип өчөгүшпөй калмак окшойт. Ошол башталыштын башында, туулуштун астында табият деген дайынсыз нерсе жаралып, анын ичинде жер түгүл көзгө сүртөр чаъ тозоңу болбоптур. Төрт тарабы толкуган жалаң суу жаралыптыр алгач. Айлампа тереӊ иримден өзүнөн өзү оргуштап чыгып, толкугандан толкуп, толкунун толкун кубалап, аягы жок, чети менен чеги жок дүйнөгө жайылып кете бериптир.

Ошондо азыр бүгүн да үстүбүздөн каркылдап учуп калчу кадимки өрдөктүн умай энеси Лувр өрдөк тукум тубар маалы кыстап, уя салаар алакандай кургак жер издеп, дүйнөнүн үстүндө жападан жалгыз учуп калган экен. Дүйнөнүн өйүзү жок аркы чеги, бүйүзү жок бул жээгинен уя салаар бир тал чөп таппай айласы кетет. Толгоосу күчөп, байкуш Лувр каркылдап учуп жүрөт, тукум улантар жумурткасын деъиздин түбү жок туӊгуюк айлампасына түшүрүп жиберемби деп жандалбастайт. Кайда учуп барбасын, чар тарабы толкуган чексиз суу, кыйыры жок, жээги жок Улуу Суу. Бу жарык дүйнөдө такат алып, уя салар алакандай кургак табылбасына көзү жетип, күдөрү үзүлүп, Лувр өрдөктүн заманасы куурулат.

Айласы түгөнгөн Лувр акырында сууга конуп, саӊоор жүнүнөн үзүп, толкун үстүнө уя салган экен. Анан ошол калкыган уядан жер пайда боло баштайт. Аз-аздап жер чоӊоё берет, жер бетине аз-аздап ар түркүн жан-жаныбар макулук жарала берет. Баардык макулуктан адам баласы артыкча чыгыптыр, кар бетинде чаӊгы тээп, суу бетинде кайык айдап, өнөрү өсүптүр, аӊ уулап, балык кармап, ошону менен күн көрүп, укум-тукумун уланта бериптир.

Жалаӊ суудан турган дүйнөнүн көкүрөгүнө кургак жер түйүлүп, ал чоъоё берген сайын кыйын кезеъ заман болорун анда Лувр өрдөк кайдан билиптир. Ошентип жер жаралгандан бери деъиздин тынчы кетти. Ошондон бери деӊиз жер менен  алпурушуп, жер деъиз менен алпурушуп келет. Эки ортодо адамга кыйын болду. Адам жерге боор басып калганын билген аны көрөйүн деген көзү жок… [1, 305]

## Айым-балык жөнүндө уламыш

Илгери бир заманда Ала-Дөбөттүн этегинде үч бир тууган жашаптыр. Улуусу кууганын куткарбаган, качса жеткирбеген жел таман экен. Ал бугу-адамдын кызын алат да, үйүр-үйүр бугулардын ээси болуп, тундрага көчүп кетет, ошоякка орноп калат. Кичүүсү из куугуч изевилчи, көзгө атар мерген болот. Ал да токой элинен бир кызды алып, мергенчилигин кесип кылып, тайга токойду жайлап кетет. Ортончусу аксак туулуптур. Эрте туруп, кеч жатса дагы багы ачылбайт, кубалап бугуга жетпейт, токой аралап аң уулай албайт. Ал тегеректен эч ким кызын бербейт. Ага-иниси таштап кетет. Ал шордуу ошентип деңиздин жээгин жай кылып кала берет. Балык кармап жан сактайт. Балыктан ким жарысын…

Бир күнү аксак шордуу кайырмак салып, кайыгында отурган. Аңгычакты кайырмагы колунан жулкулдап калат. Чоң балык түшкөн экен деп, кубанып кетет. Акырындап кайырмагын тартып, түшкөн немени жакындата берет.

Караса, бир укмуш! Балык кейпиндеги жылаңач аял. Жаргак куйругун суугa чапкылап, качууга жулкунат. сулуулугун айтпа: күмүштөнө жылтылдаган тумсак эти айлуу түндө мөлтүр суунун түбүнөн көрүнгөн акак таштай көңүл толкутат, ак эмчеги былкылдап, нерпа тумшук үрпүлөрү карарат, тунук жашыл көздөрү каухардай жаркылдайт. Байкуш аксак Айым-Балыкты суудан сууруп алып, колтугуна кысат. Ошентсе, Айым-Балык аны аймалай кучактайт. Экөө кайык түбүнө жыгылат. Капилет келген бу бактысына аксактын башы тегеренет. Кайык түбүндө экөө эмне болушканын өзү билбейт. Кайыгы асманга жете серпилип жатканын бир билет. Деңиз асманга жете чайпалып, асман деңизге түшө астын-үстүн болуп жатканын бир билет. Анан катуу бороон басылгандай деңиз тынчый түшөт. Ошондо Айым-Балык суурулуп чыгып, суугa булк кирип кетет. Аксак эр тура калып, артынан умтулат, кайрыл деп кыйкырат, чакырат, жалбарат, бирок Айым-Балык деңиз түбүнө дайынсыз кетет.

Үч бир туугандын ортончу аксагынын башынан ушундай окуя өтөт. Ага-иниси таштап кеткен, деңиздин ээн жээгинде каңгырап жалгыз калган аксактын башынан ушундай окуя өтөт. Деңизге чумуп кеткен Айым-Балыктан кайра кабар болбойт. Аксак байкуш сагынып, көңүлүн кир, көкүрөгүн зил басат. Ошол күндөн кийин күндүр-түндүр деңиз кылаалап, көзүнөн жаш мончоктоп, үндөгөнү-чакырганы, сагынганы-күткөнү Айым-Балык болот. Жадегенде алыстан бир көрүнүп койсо деп үмүт этет.

Деңиз киргенде кылаалап ырдайт:
Кайда сүзүп жүрөсүң Айым-Балык?
Деңиз тартылганда кылаалап ырдайт:
Кайда сүзүп жүрөсүң Айым-Балык?
Ай караңгы түндөрдө кылаалап ырдайт:
Бул деңиз- менин сагынчым,
Бул деңиз- менин көз жашым,
Бул жер- менин зар башым!
Ай караңгы түндөрдө кылаалап ырдайт:
Кайда сүзүп жүрөсүң Айым-Балык?

Деңиз киргенде кылаалап ырдайт, деңиз тартылганда кылаалап ырдайт. «Баяным» деп улук көрөт, «Айымым» деп ынак көрөт.

Ал ортодо кыш өтөт, кыш артынан жаз өтөт. Жайдын бир күнүндө аксак балыкчы тизеден толкун кечип, ачык деңиз бетин карап, ажап болуп Айым-Балыгым көрүнүп калбас бекен деп, үн салып чакырып коюп, аксаңдап келе жатса, тайыз жээкте баланын ыйлаган үнүн угат. Ырас, наристе бала ичегиси үзүлө тынбай ыйлап жатат. Аксак балыкчы алиги ый угулган жерге жүгүрө жетип, көргөн көзүнө ишенбейт: тайыз жээкте жылаңач бала отурат, толкун улам жаба берип, кайра тартат, ал ансайын бала: «Менин атам ким? Менин атам кайда?» деп бакырат. Аксак балыкчы ого бетер айраң калып, айласын таппайт. Бала аны көрө коюп: «Менин атам сенсиң! Багып ал мен сенин уулуң болом!» дейт.

Мына кызык-тамаша! Балыкчы уулун алып, үйүнө көтөрүп кетет.

Бала тез эр жетип, деңиз чала баштайт. Жоо жүрөк, чымыр, акжолтой аңчы болуп чыгат: тор салса, балыкка толуп чыгат, жаа тартса, деңиз жаныбарларын тандап терет. Даңкы таш жарып, тоо ашып, токой аралап кетет. Токой эли шүйшүнүн кызын берет. Бала-чакалуу болуп, Айым-Балыктын урук-тукуму ошондон тарап, көбөйгөн экен. [1, 324]

**Жогорудагы эки уламышка байланыштуу суроолор:**

1. Лувр өрдөгү жана Айым-Балык жөнүндөгү эки уламыш жомокту повестке киргизүү зарылдыгы бар беле? Кандай ойлойсуң?
2. Нивх элиндеги лувр өрдөгү болбосо, дүйнө жалаң суудан болуп, жер пайда болбой калмакпы?
3. Тукумун аман сактап калуу үчүн жандалбастаган лувр өрдөгүнө бооруң ачыдыбы?

4. Тукумун сактап калуу, тукумун улантуу адамга эле эмес жан-жаныбарларга да ыйык экенине кандай баа бересиң?

Окуучулар суроолорду орундуу бере билүүгө, убакытты туура пайдаланууга бир эле сабакта көнүгүшпөйт. Алар акырындык менен мугалимдин жардамынын аркасында, өз суроолоруна жооп издөө менен башка дагы маалыматтарды алуу менен билимин тереңдетишет. Терең ойлонулбаган жеңил-желпи суроолордун ордуна кийин суроо бере билүү жөндөмдүүлүктөрү артып, проблемалуу, максаттуу суроолорго өтүшөт.

## ИНТЕРАКТИВДҮҮ МЕТОДДОРДУН НЕГИЗИНДЕ ӨТҮЛГӨН ТЕМАЛАРДЫ КАЙТАЛОО

Жалпы билим берүүчү орто мектептерде, деги эле билим алууда кайталоо окуучу үчүн маанилүү нерсе. Алган билимдерди бышыктоо үчүн кайталоо сабагы ар бир предметтин өзгөчөлүгүнө жараша жүргүзүлөт. «Кайталоо - билим алуунун энеси» дегендей алган билимин текшерүүдө окуучулардын туура калыптануусунда кайталоо сабактарынын таасири чоң.

Кайталоо - окуп, билим алуу процессинде чыгармачылык менен заманбап изденүүнү талап кылган окуу процессиндеги татаал көрүнүштөрдөн. Окуучулар кайталоого жан дили менен даярданып, кызыгуусун арттыра тургандай болушу керек. Тажатма, түшүнүксүз кайталоо, эптеп баа алуу үчүн, тил укпаш үчүн жасалган иш аракет майнапсыз болуп, эч натыйжа бербейт. Окуучулардын жетишкендиктерин бышыктап, кайталоо менен алардын таанып билүүчүлүк билгичтиктерин, билимин, өз алдынча ойлонуу жөндөмдүүлүгүн, өзүнө ишенүүсүн өлчөйт. Бүгүнкү күндө кеңири жайылтылган жаңы методикалык ыкмаларды б.а интерактивдүү методдордун негизинде өтүлгөн темаларды кайталоодо окуучулар кыргыз адабиятынан алган билимдерин турмушта пайдалана билүүгө; кызыктуу, ырааттуу баарлаша алууга; алган адабий билмдеринин таасиринен улам салыштыруу, талдоо жана жеке бет алдынча жыйынтык чыгара билүүгө; сабаттуу жазууга; пикирлешин уга билүүгө соңунда адабий тексттерди окуп, түшүнгөндөрүн алынча айтып жана жаза билүүгө жетишет.

Өтүлгөн материалдарды кайталоо үчүн адабият сабагында интерактивдүү методдордун төмөнкүдөй ыкмалары колдонулат:

**Синквэйн -** япон элинин ыр түзүлүшүнө окшош келип, чыгарманы, каарманды сүрөттөп, ой жүгүртүүгө алып келген 5 саптан турган резюме. Адатта синквэйнди кыргыз тилинен алган билимдерин кайталоого, бышыктоого ылайык дешип, адабиятта колдонуунун зарылдыгы жок деп жүрүшөт. Синквэйн - окуучулардын алган билимдери боюнча жазган эң кичинекей формадагы чыгармасы. Синквэйнди жазуу аркылуу окуучулардын ыр жазууга, көркөм чыгарманы жаратууга кызуусу артып, көркөм ойлоосу өсөт. Кыргыз тили менен предмет аралык байланыш жүрүп, тилден алган билимдерин кыргыз адабияты сабагында бышыкташат. Синквэйди жазуунун эрежеси төмөнкүдөй:

Биринчи сап- бир зат атооч. Бул өтүлгөн материалга тема түрүндө жазылат.

Экинчи сап- эки сын атооч. Бул ошол теманы сыпаттайт.

Үчүнчү сап- үч этиштен турат. Этиш сөздөр ошол теманын кыймыл аракетин ачып берет.

Төртүнчү сап- төрт сөздөн турган фраза. Бул фраза жогорку биринчи саптагы зат атоочту чечмелөө түрүндө болот.

Бешинчи сап- биринчи саптагы зат атооч сөзгө бир сөздөн турган синоним сөз жазылат.

Синквэйн түзүү көпчүлүк учурда өтүлгөн материалдын аягында жүргүзүлөт. 5-класстын экинчи чейрегинде Барпы Алыкуловдун «Жакшы кыз», «Өзү каар, тили заар кыз», «Болор жигит», «Болбос жигит», деген чыгармаларына эки саат берилет. Экинчи сабактын аягында «кыз» жана «жигит» деген сөзгө синквэйн түздүрүү жолдору менен өтүлгөн темаларды кайталоо, бышыктоо жүргүзүлөт.

*Кыз*
*Ыймандуу, келишимдүү,*
*Суктандырат, жаркылдайт, иштейт,*
*Жакшы кыз - эне-атанын ырыскысы.*
*Адам.*

*Жигит*
*Абийирдүү, эмгекчил,*
*Коргойт, сыйлайт, багат,*
*Чындык сөздү бетке айткан.*
*Киши.*

Окуучуларга синквэйн түздүрүүдө формасын сактоо б.а ромбик

түрүндө түзүү эскертилет. Дүйнө таанымы калыптанып келе жаткан окуучуларга казак элинин «Акыл, илим, бакыт» деген жомогун окуп берип, «Акыл, илим, бакыт» деген сөздөргө синквэйн түздүрөбүз.

**Акыл, илим, бакыт**

Акыл, илим, бакыт - үчөө бири-биринин артыкчылыктарын салыштырып, мактанышып катуу талашка түшөт. Чече алышпаган соң калыска келишет. Ошондо калыс аларга мындай деген экен.

Биринчи бакытка кайрылып:

- Бакыт сен туруксуз, опаасыз келесиң. Ордуңду тандабай коносуң. Конгон жериңди ташытасың, байытасың, акыры бир күнү таштап кетесиң. Акыл менен бирик, ошондо сен узак жашайсың, - дептир.

Экинчи илимге кайрылып:

- Илим, дүйнөдө сенден күчтүү нерсе жок, кара ташты кайнатасың, дүйнөнү жайнатасың, дудукту сайратасың, бардан жок жасайсың, жоктон бар жасайсың. Адамды өзүңө багындыргың келет. Түзүү да, кыйратуу да сенин колуңда. Акыл менен бирик, ошондо аброй күтүп, узак жашайсың, - дептир.

Үчүнчү акылга кайрылып:

- Дүйнөдө адамзатка сенден артык дос жок. Бирок ачуу үстүңө кирип келгенде ордуңду таштап чыгып кетесиң. Ачуу бүлдүргөн соң, анын бүлдүргөнүн оңдойсуң. Адегенде эле ордуңдан турбай отурсаң, ачуу сенин үстүңө келмек эмес. Акыл сен токтоо болсон, сабырдуу болсоң узак жашайсың, - дептир.

Акыл, илим, бакыт- үчөөң тең ынтымактуу болуп бириксеңер, эч муктаждыгыңар болбойт. Адам баласына кызмат кылгыла,- деп узатыптыр. [7, 113]

*Бакыт*
*Туруксуз, оопасыз,*
*Байытат, ташытат, таштайт.*
*Адам эмгеги менен бактылуу.*
*Байлык.*

*Илим*
*Күчтүү, сырдуу.*
*Өзгөртөт, багындырат, жайнатат.*
*Дүйнөнү илим жаңыртат, байытат.*

*Билим.*

*Акыл*
*Терең, пайдалуу.*
*Жеңет, табат, жеткирет.*
*Акылы күчтүү ардак күтөт.*
*Ой*

**Даймонд** – англис сөзү, «бриллиант» дегенди түшүндүрөт. Даймонд синквэйнге салыштырмалуу татаал түзүлүштөгү ыр формасы. Ал 7 саптан турат. Даймонд тил илиминен терең билимди талап кылгандыктан жогорку класстарда түзүү талапка ылайык келет. Түзүү эрежеси төмөндөгүдөй:

Биринчи сап- 1 зат атооч,
Экинчи сап- 2 сын атооч,
Үчүнчү сап- 3 этиш,
Төртүнчү сап- 4 зат атооч,
Бешинчи сап- 3 этиш,
Алтынчы сап- 2 сын атооч,
Жетинчи сап- 1 зат атооч, биринчи саптагы сөзгө антоним сөз.

9-класста Алыкул Осмоновдун чыгармаларынан «Коштошуу» деген ырын окугандан кийин жыйынтыктоо иретинде, даймонд түздүрүү ылайык келет.

*Коштоошуу*
*Аянычтуу, айласыз.*
*Жүрбөйт, сүйөт, чакырат.*
*Көз жаш, көл, сапар, Москва.*
*Абайла, карайын, кетпесин.*
*Кызыктуу, сүйүктүү.*

Жолугушуу.

Даймонд жазуучунун өмүрү, чыгармачылыгы окутулуп бүткөндөн кийин же бир бөлүмдү, теманы аяктаганда кайталоо, бышыктоо максатында жүргүзүлөт. 8-класста Токтогул Сатылгановдун «Алымкан» деген лирикалык чыгармасы окутулуп бүткөндөн соң, түзүлгөн даймонддун бир түрүн мисалга алалык:

*Алымкан*
*Гүлдөй, жайдары*
*Кайрылат, тыңдайт, жыргайт.*

*Махабат, акын, тоолор, сары санаа.*
*Чертет, эскерет, сагынат.*
*Муңдуу, армандуу.*
*Токтогул.*

Даймонд түзүү аркылуу окуучулардын кыргыз тилин кандай билүүсүн, сабаттуулугун текшерүүдө, өтүлгөн тема боюнча билгичтиктерин жалпылаштырууга, салыштырууга жетишет.

**Кластер** − бул англис тилинен алынган сөз. Кыргыз тилинде «тал, сабак» деген маанини түшүндүрөт. Кластер түзүүдө окуучулар өтүлгөн тема боюнча эркин жана ачык ойлонууга шарт түзүлөт. Кластер түзүүнүн эрежеси:

- Барактын ортосуна негизги бир сөздү же каарманды жазуу;
- Ошол негизги сөзгө же каарманга тийиштүү айланта сөз жазуу;
- Берилген убакыт аяктагнча акылга кирген ойлордун дээрлик бардыгын жазып, жетишүүгө аракет кылуу;
- Сөздөрдү жазууда убакыт чектелүү жана негизги сөздү айланта ойлорду көп жазууга жетишүү үчүн орфографиялык катага көңул бурбоо;
- Айланта жазылган сөздөргө карата сын пикир айтпоо;

Кластерди түзүүдө өз алдынча жана жалпы класс менен жүргүзсөк болот.




8-класста «Семетей» эпосуна 7 саат берилет. «Семетей» эпосун жыйынтыктоодо кластер түзүү алган билимдерин текшерүүдө жакшы натыйжа берет.

**Венндин диаграммасы**. Өтүлгөн теманы кайталоодо Венндин диаграммасы да бир кыйла таасирдүү экендигин практика ырастап келет. Диаграмманы түзүүдө эки же үч тегеректе бири-бири менен кесилише чийилип, даярдалат. Белгилүү бир тема, бөлүм аяктаганда кайталоо үчүн эки же үч каарманды алып, алардын окшоштуктарын, айырмачылыктарын салыштыруу менен бышыктоо жүргүзүлөт. Эки кесилишкен жерге жалпылыктары жазылат.



5. **Рангалоо**. Интерактивдүү методдордун ичине рангалоо жолу менен чыгарманы кайталоо абдан жандуу талаш тартыштар менен өтүп, окуучулардын салыштыруусун, ой жүгүртүүсүн, баалай билүү жөндөмдүүлүктөрүн арттырат. Өткөрүүнүн тартиби мугалим тарабынан жөнгө салынат. Окуучулар бир чыгарманы окуп бүткөн соң, жыйынтыктоо сабагында чыгарма жөнүндө айтылган көз караш, көтөрүлгөн проблема, чыгарманын адабияттагы орду, тарбиялык мааниси каармандардын адамдык сапаттарын тизмелеп чыгышып, маселенин маанилүүлүгүн аныкташат. Ой-пикир, көз караштары, даярдыктары ар бир окуучуда ар түрдүү болгондуктан чыгарманы талдоодо да кайчы пикирлер жаралат. Окуучулар башкалардын пикирин угуп, салыштырып, чыгарманы жеткиликтүү деңгээлде түшүнүүгө шарт түзүлөт.

8-класста Токтогул Сатылгановдун «Дүнүйө» деген ыры окулуп бүткөндөн кийин, рангалоо жолу менен бышыктайбыз. Аталган ырда акындын даанышмандыгы тастыкталып турат. Окуучуларга келеринде дүнүйө, кетеринде дүнүйө кандай болот деген көз караштарын тизмелеп салыштырышат.

**Келеринде дүнүйө:**

Мөмөлүү дарак шактайсың,
Байгеден чыккан аттайсың.
Булутсуз тийген күндөйсүң,
Жыйырма беш жаштайсың.
От жакпай оргуп кайнайсың,
Түнкүсүн жарык айдайсың.

**Кетеринде дүнүйө:**

Соолгон кудук суудайсың,
Жыдыган кара чачтайсың.
Капкагы сынган комузсуң,
Мөмөсү түшкөн шактайсың.
Кышкы чилде муздайсың,
Туурдан учкан бүркүтсүң.

Мындай алмак салмак айтып салыштыруудан окуучулардын акылы менен аңдап түшүнүүлөрү артат. Дүнүйө − бул байлык, акча, мүлк. Дүнүйө - бул тирүүчүлүк, жашоо деген эки көз караштын тегерегинде дүнүйө түшүнүгүн ар бир окуучу өз алдынча далилдеп берүүгө аракеттенишет. Ой-пикирлерин далилдеп, талаш-тартыш мүнөзүндөгү талкуу жүрөт. Адамдардын алдында эки жол бар: бири

- жарык дүйнө, экинчиси - караңгы дүйнө. Улуу акын ушул эки дүйнөнү алаканга салып, экөөнүн бирин тандоону окуучунун алдына коөт. Окуучулар рангалоо методунун натыйжасында өмүр менен өлүм, жакшылык менен жамандык, жарык менен караңгы камыр-жумур жуурулушуп турарын талдоодон көрүшөт.

5. Кыргыз адабиятын окутууда окуучулар өз билимдерин **тесттин** жардамы менен текшерүү бир кыйла таасирдүү экендигин практика далилдеп келет. Тест аркылуу кайталоодо балдардын бардыгын бир эле мезгилде текшере алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Мугалим тесттин суроолорун белгилүү бир теманы бышыкташ үчүн, окуучулардын билимин, вербалдык логикасын, эске тутуу жөндөмүн, ой жүгүртүүсүн текшерүү максатында түзүүгө тийиш. Тесттик суроолорду көңүл кош эле түзүп койбостон, суроолор логикалык жактан системалуу, өтүлгөн материалды толук камтый тургандай, окуучулар үчүн кызыктуу болушу керек. Тесттин дагы бир артыкчылыгы окуучуларды тез ойлонууга, чечкиндүүлүккө тарбиялайт.

8-класста «Манас» үчилтиги окулуп бүткөндөн кийин жазуу жумуштарына 3 саат, чейректик кайталоого 1 саат убакыт берилет. Жазуу жумуштарын жүргүзүүдө тест алуу убакытты үнөмдөйт. Үчилтике байланыштуу тестти мисалга алсак:

1. «Манас» үчилтиги кайсыл ыкмада түзүлгөн чыгарма?
   а) генеологиялык циклдешүү;
   б) циклдешүү;
   в) классикалык;
   г) реалисттик.
2. «Манас» айта алган кишини ким деп аташат?
   а) рабсод;
   б) аед;
   в ) эпосчу;
   г) манасчы.

3. «Манас» эпосунда айтылган төмөнкү саптар кайсы илим тармагына тиешелүү?

Оң чекеден күн чыгып,
Сол чекеден ай чыгып.
Тогоол болуп бул экөө,
Белги болуп калыптыр.

а ) медициналык;
б ) географиялык;
в ) астрологиялык;

г ) астрономиялык.

4. Көзкамандар Манаска уу бергенде, ууга каршы кайсы өсүмдүк колдонулат?

а) эрмен;

б ) аккодол;

в ) апийим;

г ) шыраалжын.

Интерактивдүү методдордун негизинде өтүлгөн темаларды жогорудагы ыкмалар менен кайталоо бир кыйла таасирдүү болоорун практика ырастады. Кайталоо сабагынын окуу процессинде өзгөчө орду бар жана бул сабакка мугалим изденүү менен мамиле кылганда гана балдардын билимин бышыктоо, жеткиликтүү билим алуусу мүмкүн экендиги аныкталды.

# КОРУТУНДУ

Көркөм адабият дегенибиз адам баласынын турмушун чагылдыруунун өзгөчө куралы. Сөздүн күчү менен керемет сүрөттөлгөн, турмуш чындыгы элестүү берилген чыгарма адам баласынын эсинен өмүр бою кетпей, коштоп жүрөт. Окуучу акыл элегинен өткөрүп, жашоонун өйдө-ылдыйын окуган чыгармасы аркылуу таразалайт. Жанында эле жүргөн адамдардын образдары көркөм чыгармада бадырайып чыга келет. Адабият сабагында ак-караны ажыратып, турмуштун татаал тарамдарын түшүнүп үйрөнөт. Атагы ааламга тараган сөз зергери Ч.Айтматовдун көркөм чыгармалары аркылуу алакандай кыргыз элинин дүйнөгө таанылып отурушу эмне деген бакыт. «Эгер Шекспир, Вальтер Скотт сыяктуу улуу адамдар жаралбаганда, Англиянын тарыхын чет элдиктер гана эмес, англичандардын өзү да мынчалык сүйүп окушпайт болчу», - деп жазган орус жазуучусу И.А.Гончаров. Адам баласынын жашоосун, сезиминин ар түркүн жагдайын, коомдук турмушту көз алдыңа жеткире сүрөттөгөн көркөм чыгарма ары татаал, ары кызыктуу. Бекеринен Ф.Энгельс Франциянын улуу жазуучусу Бальзакка француз турмушун жүздөгөн социологдорго караганда алда канча кызыктуу жана так, ишенимдүү көркөм чагылдырганына суктанбаса керек.

Сөз өнөрүнө болгон кызыгууну ойготуу мектеп босогосун аттаган күндөн башталат. Жомокторду окуп баштоо менен окуучу жакшы нерсеге таасирленип, жамандан оолак болууга дилгирленет. Демек, адабиятты окуутунун тарбиялык мааниси тереңде жатат. Кыл калемдин чеберлери аркылуу жазылган чыгармалар адамдын ой жүгүртүү жөндөмүнүн кеңири болушуна түрткү берет.

«Көркөм чыгармаларды интерактивдүү окутуу» деген методикалык колдонмонун да негизги максаты окуучуларды көркөм өнөргө кызыктыруу болуп саналат. Аталган методикалык колдонмодо айрым интерактивдүү методдордун өткөрүү тартиби, чыгармаларды өтүүдө кантип колдонуу керектиги жөнүндө үлгүлөрү берилди. Сабактын таасирдүүлүн, ийгилигин арттырууда интерактивдүү методдордун ролу чоң. Бүгүнкү күндүн адабият мугалими ар тараптуу билимдүү болуп, окуучуга сөз өнөрүнүн сырын, сөздүн касиетин, күчүн түшүндүрүүсү керек. Эмгекте интерактивдүү сабактарды пландаштыруу, эки бөлүктүү күндөлүк, белгилер системасы, башкарып окутуу, алдын ала айтуу схемасы, чаташкан логикалык чынжырлар, калтырылган сөздөр, ойлоно билгендер суроо да бере

билишет, интерактивдүү методдордун негизинде өтүлгөн темаларды кайталоо методдору ыраттуу жазылып, өткөрүү тартиби көркөм чыгарманын мисалында берилди. Интерактивдүү методдорду салттуу сабак менен айкалыштырып өтүү мугалимдин чыгармачылык менен изденүүсүнө байланыштуу болот. Окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша жогорудагы методдордун адабият сабагында колдонулушу кыйла кызыктуу болуп, сабактын жандуу өтүшүнө көмөк көрсөтөт. Чакыруу баскычы, ойлоп түшүнүү баскычы, артка кайтуу баскычы бири-бири менен айкалышып, жакшы натыйжа берет.

Жогорудагы аталган интерактивдүү методдор жаш муундарды адабиятка, китеп окууга болгон кызыгуусун арттырууда өз таасирин тийгизет деген ойдобуз. Тажрыйбасы али жетишсиз, жаш мугалимдер үчүн да бул методикалык колдонмо өз деңгээлинде көмөкчү болот.

Адабияттар:


1. Айтматов Ч. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. III том. – Бишкек, 2008. – 480 б.
2. Акматалиев А. Рух дүйнөсү «Манас» жана Айтматов. – Бишкек, 2012. – 314 б.
3. Алымов Б. Тандалган эмгектер. –Бишкек, 2012. -784 б.
4. Байгазиев С. Окутуунун интерактивдик методу. – Бишкек, 2004.
5. Байгазиев С. Улуу «Манас» эпосунун улуттук жана дүйнөлүк мааниси.- Бишкек, - 2013. – 64 б.
6. Ишекеев Н. Кыргыз адабиятынын окуу программаларынын мазмуну жана проблемалары. – Бишкек, 2010. – 168 б.
7. Казак ертегилери . – Алматы, 2007. – 176 б.
8. Кыргыз адабияты. 5-11 класстар үчүн окуу китептери.
9. Мамбетакунов Ж., Сияев Т. Педагогиканын негиздери. – Бишкек, 2008.
10. Методика преподавания литературы. Под. ред. З.Я. Рез. – Москва, 1985.
11. Оторбаев Б. Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу. – Бишкек, 2010, - 96 б.
12. Саспаев А. Татым туз. – Бишкек, 2010, - 392 б.
13. Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу программасынын хрестоматиясы. Түзг. Эсенгулова М., Асекова Ж. – Бишкек, 2004, - 190 б.
14. Үкүбаева Л. Кыргыз адабияты: талдоолор жана ой жүгүртүүлөр. – Бишкек, 2006, - 172 б.
15. Үкүбаева Л. Чыңгыз Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү. - Бишкек, 2008, - 175 б.

МАЗМУНУ

1. Киришүү………………………………………………………… 3
2. Бүгүнкү күндүн адабият сабагы………………………………… 5
3. Пландаштыруу…………………………………………………… 8
4. Эки бөлүктүү күндөлүк…………………………………………… 9
5. Белгилер системасы……………………………………………… 15
6. Башкарып окутуу………………………………………………… 25
7. Алдын ала айтуу схемасы………………………………………… 36
8. Чаташкан логикалык чынжырлар……………………………… 41
9 Калтырылган сөздөр……………………………………………… 45
10. Ойлоно билгендер суроо да бере билишет……………………… 48
11. Интерактивдүү методдордун негизинде өтүлгөн темаларды кайталоо……………………………………………………………… 56
12. Корутунду………………………………………………………… 65
13. Адабияттар………………………………………………………… 67

Абдубалиева Б.Ж.

# Көркөм чыгармаларды интерактивдүү окутуу

Тех. редактор: Жакыпова Ч.А.

К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун
полиграфиялык комплексинде басылды.
Заказ 474. Нускасы 200 даана.
Тел.: 52696